10



Капаланганда адамдардан качып калам

9

Тайторунун чапкан бала таптакыр айтылбай келет




Калыс көз караш!

# САРЕСЕП

25-июнь, 2015-жыл
№6 (06)
saresep.kg


## Мынча жаран жөн эле ызы-чуу болгон жокко

11-бетте






Борбор Азиянын секириги

3-бетте



Заманбап маалымат согуштары

6-бетте



Бүгүнкү күндөгү сүткорчулук жана кредиттер

7-бетте






## Жашы жетелек балдардын түнкүсүн көчөдө жүрүүсүнө чектөө коюлду

Жакында кыргыз парламенти жашы 18ге толо элек өспүрүмдөрдүн чоң адамдын коштоосу жок түнкү саат 10дон таңкы саат 6га чейин көчөдө жана коомдук жайларда жүрүүсүнө тыюу салган мыйзам кабыл алды.

Ага ылайык балдардын көчөлөрдө, парктарда, автобекеттердин, аэропорттордун аймактарында, көп кабаттуу үйлөрдүн короолорунда чоң адамдын коштоосу жок жүрүүсүнө тыюу салынат. Ал эми бул мыйзамды бузуу катталса, жарандарга же ата-энелерге 300 сомдон 500 сомго чейин, жеке ишкерлерге же юридикалык жактарга 1000 сомдон 1500 сомго чейин айып пул салынат.

Үй-бүлөнү бекемдөө багытында иш алып барган "Даанакер" коомдук фондунун жетекчиси, психолог Чынара Термечикованын айтымында, өспүрүм балдарга карата жасалган кылмыштардын санынын көбөйүшүнөн улам бул мыйзамды кабыл алуу муктаждыгы келип чыкты.

«Түндөсү катталган кылмыштарга көбүнчө жаш өспүрүмдөр дуушар болуп жатат. Балдар бүтүрө турган иштерди түнкү саат 10го чейин бүтүрүп жетишсе болот. Бирок түнкү компьютердик клубдарда уктап калганча оюн ойноп отурушат. Түнү менен клубда отурган бала эртеси сабакка барбайт. Мунун бары баланын жашоосуна терс таасирин тийгизип жатат. Ошондуктан балдарды мындай азгырыктардан алыстатыш үчүн пайдалуу иштер, спорт, бий сыяктуу курстар менен алектендирүү керек. Ал эми түн ичинде пайдалуу иштер болбойт. Түнкү саат 10дон кийин нормалдуу бала уктайт»,-дейт психолог Чынара Термечикова.

# Текебаевдин каршылыгы



Ө.Ч. Текебаев Кыргызстандын Өкмөтүн "Centerra Gold менен сүйлөшүп алды" деп айыптады.

"Ата Мекен" фракциясынын лидери Өмүрбек Текебаев 23-июнда пресс-конференцияда "Өкмөт канадалык алтын өндүрүүчү Centerra Gold компаниясына сатылып кетти" деген билдирүү жасады.

Анын айтымында, Өкмөт Суу кодексиндеги нормаларды өзгөртүүгө демилге көтөрүп, мөңгүлөрдүн жанында кен каза турган алтын өндүрүүчү компаниянын кызыкчылыгын колдоп жатат.

"Бул нормалар өлкөнүн кызыкчылыгына туура келбейт. Бирок Өкмөт буга карабастан, мындай өзгөртүүлөрдү колдоп, компаниянын жетегинде бара жатат. Биздин фракция Өкмөттүн мындай кадамын кылмыш деп эсептейт. Өкмөт бул кадамга бекер эле барган жок. Бул жерде Жогорку деңгээлдеги коррупция болушу мүмкүн", - деген божомолун айтты эл өкүлү. Ал парламент депутаттарын мындай өзгөртүүлөрдү колдобошун суранды. "Эгерде мындай боло турган болсо, компания 20 жыл бою кетирген тартип бузууларынын жоопкерчилигинен чыгып кетет",-деп билдирди.

"Эгерде биз Суу кодексине өзгөртүүлөрдү киргизсек, Centerra Gold компаниясына мөңгүлөрдү жок кылуу боюнча талаптарды коё албай калабыз. Компания экологияны бузуу жоопкерчилигинен кутулуп кетет. Зыяндын баасы 5 миллиард долларды түзүшү мүмкүн. Бирок Өкмөт мүчөлөрү буга карабастан, депутаттарды Суу кодексине өзгөртүү киргизүүнү колдоп коюуга көндүрүп жүрүшөт. Депутаттар болсо, өз кезегинде келечектеги министрлер кабинети менен жакшы мамилесин сактап калуу үчүн аларды колдоп коюуга даяр. Себеби депутаттардын жакында иш мөөнөтү бүтөт. Ошол себептүү алар Өкмөт менен мамилесин бузуп алууну каалашпайт",-деп эсептейт эл өкүлү Текебаев.

Ө.Текебаев: "Кыргызстандагы таасирдүү адамдар компаниянын кызыкчылыгын колдойт",-деп кошумчалады.

"Темир Сариев 2012-жылы Экономика министри болуп турган кезде компания экологияга зыянын тийгизип жатат" деп билдирүү жасаган. Бирок ал кезде Өкмөттүн экологияны таасирине баа берген методикасы жок болгон. Андан бери үч жыл өттү. Методика болсо дале жок. Министрлер кабинети аны иштеп чыкмак тургай, компанияга сатылып кетишти",-деп сөзүн жыйынтыктады ата мекенчилердин лидери.

## Тоодогу маданий борборлор



Сүрөт akipress.org сайтынан алынды

Өлкө аймактарынын жайлоолорунда быйыл 85 бала бакча ачылат. Өзгөчөлүгү ал жерлер балдарды маданий өнүктүрүү борборлоруна айландырылат.

Жайлоолордогу бала бакчалар өнүктүрүү борборлоруна айландырылат. Быйыл өлкө аймактарынын жайлоолорунда 80ден ашык бала бакча ачылат. Алар тоодогу маданий борбор катары балдарды ар тараптуу өнүктүрөт. Ал үчүн бир топ чыгармачыл борборлор, мекемелер менен иштешүү пландалууда. Маданияттан артта болгон тоо балдарына көчмө куурчак театры жана кыска сюжеттүү спектаклдер коюлат. Ошондой эле быйыл кыргыз кино өнөрүнүн залкары Төлөмүш Океевдин 80 жылдыгына байланыштуу "Бакайдын жайыты" көркөм тасмасы балдарга көрсөтүлөт. Ошону менен катар балдардын дүйнөсү жомокко жакын болгондуктан, жомоктордун аудио версиясын үктүрүү да демилгеленүүдө.

"Роза Отунбаеванын демилгеси" эл аралык коомдук фондунун координатору Асылбек Жоодонбековдун айтуусунда, аймактык жогорку окуу жайлар, Сүрөт академиясы менен тыгыз иш алып барылат. Ар кыл куракхтагы балдарга жана ата-энелерге спорттук көнүгүүлөрдү жасоо, шахмат оюнун үйрөтүү да каралууда. Дагы бир өзгөчөлүк, атайын жайлоо бала бакчалары үчүн паспорт иштелип чыкты. Ал жерге бала бакчалар тууралуу маалыматтар жазылат.

Кыргызстан боюнча 454 жайыт комитети бар. Былтыр 35 бала бакча ачылып, анда 800гө жакын бала тарбияланган. Аталган фонддун аткаруучу директору Догдургүл Кендирбаеванын айтуусунда, быйыл жайыт тургундары жанданып, колдоо көрсөткөндөр көп. Мугалимдерге айлык төлөп берүү эки жол менен чечилүүдө. Жайыт комитеттери жана ата-энелер мүмкүнчүлүгүнө жараша төлөшөт.

Кыргызстанда мектеп жашына чейинки 800 миңге жакын бала бар. Алардын 18 пайызы гана бала бакчага баруу мүмкүнчүлүгүнө ээ. Ал эми айыл жергесиндеги балдардын 7-10 пайызы гана бала бакчага барышат. Адистердин пикиринде, бала бакчалардын жана бала бакчага барган балдардын санынын аздыгынан улам балдар мектепке даярдыксыз барып, билим деңгээли төмөн болууда.



Сүрөт azattyk.kg сайтынан алынды

## Караколдук келиндердин көйгөйү

Өткөн жылы Өкмөт тарабынан элеттик аялдардын күнү белгиленсин деген чечим кабыл алынган. Айыл жергесиндеги аялдардын мындай сунушу менен 18-июнь "элеттик аялдардын күнү" деп белгиленди. Бул күндү белгилөө менен бирге бийлик органдары жана аймактардан келген аялдардын катышуусунда конференция болуп өттү. Анда аялдардын коомдогу орду жана көйгөйлөрү талкууланды.

Каракол шаарынын жергиликтүү кеңешинин депутаты Асыл Курманбекова айыл жергесиндеги төрөт үйүндө аялдар 5 күн калып, эс алуу керектигин кеп кылды. Себеби азыр энелерди төрөт үйүнөн 1 күндө эле үйүнө чыгарып жиберишет. Курманбекованын айтымында, мурда энелер төрөгөндө ден соолугуна байланыштуу 20 күнгө чейин төрөтканада калышчу. Азыр мамлекеттик деңгээлде 1-2 күн гана калат. Ал жактан чыккан соң кайын журтуна барат. Бирок үйүндө ысык жана муздак суусу жок. "Мамлекет бюджетти сарамжалдаганы менен аялдардын жана келечектеги балдардын ден соолугун жоготууда", - дейт Курманбекова.

## Гомосексуалдык мамилени үгүттөп-жайылтууга чектөө коюлат

Бул мыйзам долбоору коомчулук арасында салттуу үй-бүлөлүк, адамдык, адептик, тарыхый баалуулуктарды коргоо жана сактоо максатында депутаттар тобу тарабынан иштелип чыккан. Мыйзам долбоору экинчи окууда добуш берүүгө жөнөтүлдү. Бул тууралуу Жогорку Кеңештин расмий сайтында жарыяланган.

Демилгечилердин айтымында, салттуу эмес жыныстык катнаш тууралуу маалыматтарды жайылтууну чектөө үчүн Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексине, Администрациялык жоопкерчилик жөнүндө кодексине, "Тынч чогулуштар жөнүндө" жана "Массалык маалымат каражаттары жөнүндө" мыйзамдарына тиешелүү түзөтүүлөр киргизилип жатат.




Демилгечи топ белгилегендей, жарандар бул демилгени колдоп, анда камтылган талаптар кыргыз элинин менталитетине ылайык келерин айтышууда.

Мыйзам долбоору коомдо гомосексуалдык мамилелерди үгүттөп-жайылтууга жана "гомосексуалдык жашоо ыңгайын" өзгөчө жашы жете элек өспүрүмдөрдүн арасында насыяттоого жол бербөө үчүн укуктук негиз берет.

Эл аралык тажрыйба көрсөтүп жаткандай, Улуу Британия, АКШ (8 штат), Россия, Молдова, Украина, Литва жана Латвия сыяктуу бир катар өлкөлөрдө салттуу эмес сексуалдык катышка карата оң мамилени калыптандыруу боюнча маалыматтарды таркатууга чектөөлөр киргизилген.

# Борбор Азиянын секириги

"Борбор Азия өнүктүрүү корпусу" жана "Борбор Азиянын инвестициялык фондунун" жетекчиси Жума Абдуллах мырза региондун көйгөйлөрү жана келечеги тууралуу ой-жорум кылды

ЖУМА АБДУЛЛАХ

### Оорукчан лидер гана "ресурс колдонуп чөгөлөтөм" деп ойлонот

Европа Биримдигине кирген мамлекеттер кайнаса каны кошулбачу сыяктуу болгон элдерден турат. Биздин Борбор Азияда бирдиктүү экономикалык аймак түзүү үчүн биринчиден, саясий эрк жок, экинчиден, ар бир мамлекет өзүнүн көйгөйлөрүн өзү чечүү менен алектенүүдө, үчүнчүсү – Борбор Азия мамлекеттеринин бирикпөөсү үчүн багыттуу иштеген сырткы күчтөр бар. Саясий эрк бул жерде негизги орунду ээлейт. Убагында А.Акаев, Н.Назарбаев жана И.Каримовдор Каркыра сыяктуу жайлоолорго чыгып, кымыз ичип отуруп эле мындай маселелерди чечип келишкен. Азыр булардын бири өлкөсүндөгү жумушсуздук, жакырчылыктын айынан Орусияда иштеп жүргөн жердештерин "бекерпоздор" деп сындоодо. Дүйнөдө эмне болуп жатат, ал тууралуу кабары жок. Тегереги кошоматчылар менен курчалган, өзүнүн валютасынын долларга карата курсу кандай экенин, нандын, эттин баасын билбей калган оорукчан лидерлер бар. Мында муундар арасындагы менталдык айырмачылыктар да өз ролун ойноп жатат десе болот. Биз өзбек, тажик, казак балдар менен чогуу иштейбиз. Алардын өлкөлөрүндө бирге жүргөндө Кыргызстанда кандай жүрсөк, өзүбүздү ошондой эле комфорттуу сезебиз. Азыркы кезде кандайдыр бир ресурсту колдонуп, кимдир бирөөлөрдү "чөгөлөтөм" дегендик бул ишке ашпаган коркунучтуу ойлор. Керек болуп жаткан нерселер – дипломатия жана соода менен мамилелерди чыңоо. "Бир тууган мамлекеттердин көйгөйлөрүн колдоном, алар менен ойноймˮ дегендик уят нерсе. Биз, кудайга шүгүр, сөз эркиндиги, демократиянын аркасы менен мындай өнөкөттөрдөн кутулдук.

### Өзбекти да, орусту да, Батыш менен Чыгышты да таштабайбыз

Өзбекстанда 30 млн. эл жашайт. Бул мамлекет үчүн Индия менен Пакистандын жакшы өрнөгү бар. Учурда айрыкча Индия эң ири экономикалык державага айлана баштады. Азыр бул эки мамлекеттин Кытайдан кем эмес калкы бар. Эң арзан өндүрүмдөрдү Кытай эмес, Индия, Пакистан жана Вьетнам чыгарууда. Бул мамлекеттер Кытайдын 10–15 жыл мурунку өнүгүү темптерине жете баштады. Пакистан менен Индия орусиялык жана батыштык фирмаларды дары-дармек базарынан сүрүп чыгарууда. Жеңил өнөр жай жана текстиль боюнча Кытайдан озуп кетишти. Өзбекстан бул эки мамлекетке атаандаш эмес, жакшы өнөктөш боло алат. Коңшубуздун эң чоң чийки зат базасы бар, бул – пахта. Болгондо дагы таза, табигый пахта. Бул өлкө пахтасы жана пакистандык товардык брենддер менен бүт дүйнөгө өз өндүрүмдөрүн сата алат. "Өзбектер Орусиядан эч жакка кача албайт" деген сөз бош сөз. Керек болсо, биз үчүн дагы болбогон сөз. Албетте, Орусия бизди талуу эки жерибизден кармап алган. Булар мунайзаттын баасы жана мигранттарыбыз. Бирок бул факторлор узакка созулчу көйгөй эмес. Азыркы экономикалык кризис бизди мигранттар которгон акча каражаттарысыз эле жашанга болот экендигин көрсөтүүдө. Мунайзат жана газдын баасы менен ойноо да бир убакта таасир бербей калат. Бирок бул ой-жорумдар "Орусия коркунучтуу, андан алысыраак болуш керек" дегендик эмес. Орусия дагы Борбор Азия үчүн ири рынок. Бизде өндүрүлгөн жер-жемиштердин бардыгын орусиялыктар алат. Ошол эле убакта орустар чоң-чоң аймактарын кытайларга ижарага берип баштады. Биз кыргыз, тажик, өзбектер дагы аларды ижарага алып, агрохолдингдерди түзүп, кытайлардан кем эмес иштете алабыз. Азыр Орусиядагы мигранттарыбыз айыл чарба тармактарына оой баштады. Буга чейин деле Тула, Ярослав, Свердловск облустарында, Сибирь менен Хакасияда айыл чарбада иштеп байыган кыргыздар көп болгон. Орустар дагы бизди, Борбор Азияны колдон чыгарып жибербөөгө кызыкдар.



### Кыргыздардын атаандаштык артыкчылыктары

Биз дагы ушул регионалдык трендерге кеңири кулач жайышыбыз керек. Булар автоунаа жана темир жолдор, транзиттик газ жана мунай түтүктөрү. Жакында суу түтүктөрү деген долбоорлор чыгат. Бул регионалдык долбоорлорго сөзсүз катышуубуз керек. Мындан сырткары учак каттамдарынын түйүнү боло алабыз. Аймактык "лоукостер" делген арзан кызмат сунган учак компанияларын түзө алабыз. Кыргызстанда мыйзамдар жана иш тургузуу жеңил болгондуктан, бир ири авиакомпаниянын базасын бизге жайгаштырсак болот. Биздин бир кемчилигибиз бар – кара тизмедебиз. Бирок бул Европа тарапка учууга гана тиешелүү. Бул маселе боюнча изилдөө жүргүзгөндө Фергана өрөөнү менен Борбордук Азияны биргелештирген учак түйүнү боло аларыбызга көзүбүз жеткен. Биз эң арзан учууларды камсыз кыла аларыбызды сунуштаганбыз. Бул долбоор АКШ жана Дүйнөлүк Банктын экспертизасынан эң жакшы деңгээлде өткөн. Биз бир учактын суткасына 20 саат уча тургандай эсебин бергенбиз. Дүйнөдө 18 саат иштеген учак супер эффективдүү деп саналат. Бул лоу-костердин дагы бир жакшы таасири – ички туризмдин өнүгүүсү, элибизге катташып, бири-бири менен тыгыз мамиле түзүүгө жол ачуусу. Бул аркылуу регионалдык жана ички соода, инсандык жана маданий карым-катнаш өнүгөт. Долбоордун алкагында Борбор Азияда өстүрүлгөн тез бузулган жер жемиштерди Орусияга дароо жеткирүү мүмкүндүгү бар. Орусиядагы каалаган базарыңа максимум 2–2,5 саатта чыгарса болот.

> Мамлекеттик деңгээлде калыптанып калган стереотиптерден кутулуп, "үчүнчү дүйнө" делген өлкөлөрдөн келген студенттерге дароо виза бериш керек.

Кыргызстандын банк тармагы уникалдуу нерсе. Акыркы кризис дагы бизге бул тармакта чоң мүмкүндүктөрдү ачууда. Бул мүмкүнчүлүктү мамлекеттик деңгээлде пайдалана албай келебиз. Латвияны мисалга алалы, банктарынын каражаттарынын 80 пайызын орусиялык акчалар түзөт. Жүгүртүлгөн акчасынын 70 пайызы өзбектердики. Латвия банктык офшор түзөм деп жарыялабай эле туруп, эң төмөн пайыздар менен иштеген каржы зонасын тургузду. Банктарына эбегейсиз жеңил шарттарды түзүп берди. Латвиялык "Парекс-Банк" "Биз Швейцариядан жакынбыз!" деген ураан менен иштейт.

Дагы бир күчтүү потенциалы бар тармак – билим берүү тармагы. Индия менен Пакистандан келген 2,5 миң студент азыр 4,5 млн. долларды окуусуна эле төлөп жатат. Афганистан 80 млн. эли бар мамлекет. Билим берүүсү талкаланып калган. Ошол эле убакта эң чоң көмүскө экономикасы бар өлкө. Алар баңгиден акча таап окушабы же курал сатып акча таап окушабы, айтор ал бизди кызыктырбаш керек. Билим алам деп акча төлөп жатабы, биз татыктуу билим беришибиз керек. Афганистанга Пакистан менен Тажикстанды кошкондо 310 миллиондук калк жатат. Мамлекеттик деңгээлде калыптанып калган стереотиптерден кутулуп, "үчүнчү дүйнө" делген мамлекеттерден келген студенттерге жеңилдетилген виза алуу шарттарын түзүү туура болот. Өз мамлекетинде бизде окуу жарышын уттубу, автоматтык түрдө виза берилүүсү керек. Жаныбыздагы Тажикстан менен Өзбекстан билим берүүдө технология жагынан да, кадрдык жактан да жетишпей калышты. Орустардын чыгып кетүүсү алардын билим берүүсү үчүн катуу жоготуу болду. Баткен, Жалал-Абад жана Ош облустарында ЖОЖдорду ачсак, студенттер бир заматта толуп кетет. ЖОЖдор мультипликативдүү таасир берет. Ар бир университет алдында медициналык борборлорду ачса болот. Фергана өрөөнүндө эң көп ооруган 50 млн. калк жашайт. Анткени экологиясы начар, ысык аймак. Ушундай социалдык кызматтарды сунуу менен биз чоң каражат таба алабыз. Азыр деле 45 өлкөгө визасыз кирүүгө уруксат берген Борбор Азиядагы эң ачык мамлекетпиз. Бул жерде окуп, дарыланып кеткен адам Кыргызстанды жакшы көрүп, туризмдин эселеп жандануусуна түрткү берет. Өз өлкөсүнө кайтканда Кыргызстандын товарын көрсө сөзсүз сатып алат. Борбор Азияда биз өзөк болуп, илгерки туугандык карым-катнаштарды кайра курабыз. Ошентип биз өзүбүздүн глобалдашкан эгемендигибизди түзүп, региондук жана дүйнөлүк интеграцияга ачылабыз. Кыргызстан 6 млн. эли менен жамынып алуу менен эмес, глобалдык оң экспансия кылуу менен өнүгө алат.

# Аруулуктун жоопкерчилиги

Бир маселенин баасы, тобокелчилиги жана машакаты канчалык жогору болсо, олжосу да ошончолук баалуу болот. Өмүр деген окуу жана тарбия жайында тапшырылчу сынактар, көгөрүп сабыр кылчу балээ жана сыноолор адамды руханий-интеллектуалдык сезимдердин туу чокусуна чыгара алат.

ЖАНСАКТА САРБАШОВ

## Мыкты сыпат өз ээсин тапканда

Кээ бир инсандык мыкты сыпаттар белгилүү бир адамда эң сонун көрүнүүсү мүмкүн. Мисалы, жалпысынан жаш убактагы ден соолук, күч-кубат жана шамдагайлык адамдын жоопкерчилигин унуткарышы мүмкүн. Кан кайнап турган бул куракта каталарын сезип, тообо кылып кечирим суроо өтө чоң жетишкендик болуп эсептелет. Уяттуулук менен намыскөйлүк аялзатында өзгөчө мыкты көрүнүүсү да бул категориядан десек болот. Анткени аялзаты кылык жана сыйда мамилеси менен башкалар үчүн сыноо жана аруулуктун чегинен чыгып кетүүсү мүмкүн. Жаратылышынан назиктик менен жумшактыкка ээ болгон аялзаты уяттуулук менен намысын эң алыскы чектерде коргой алса, кыска убакыттын ичинде чоң ийгиликтерге жете алат.

## Аруулук деген эмне?

Бул жалпылама сыпаттоодон кийин эл оозуна алынган адамдын аруулугу тууралуу кеп кылсак. Тыюу жана мыйзамсыздыкка каршы дайыма сергек болуп, туура эмес иштерге кирип кетүүдөн корккондуктан бардык күмөн нерселерден алыстоо дегенди билдирген аруулук – жазадан коркуунун төрүндөгү мөңгүлүү бийиктик. Мындан улам аруулукту кудайдан коркуу сезими десек болот. Кудайдан коркуу болсо, тыюу салынган нерселерден алыс болуу, жүктөлгөн милдеттерин кемчиликсиз аткаруу, зарыл нерселерди бардыгынан мурун жасоо жана күмөнгө алып баруучу аракеттерге каршы ордун ачык билгизүү деп айтылып келет. Белгилүү адам өзү жеткен аруулукту ар кимге таңуулай албаса да, дайыма аруулуктун символу болуусу керек.

Карапайым калкта үмүт жана арзуу жараткан мындай аруулукту кээ бир окумуштуулар жалпы коомго жеңилдетип, "милдеттерин аткарып, чоң каталардан качкан адам кутулат" деп айтышкан. Бул принцип айла жоктон айтылган сөз болгон. Себеби элибиз 70 жылдан ашык убакыт туура-натуура, адал-арам, жакшы-жаман делген руханий категориялар астын-үстүн болгон доорду башынан өткөрдү. Элдин руханий тазалыгына маани берген залкарлар ошол эле маалда коомдун кээ бир тайпаларын дайыма өзгөчө аруулукка үгүттөшкөн.

Аруулуктун дагы бир тарабы заманды туура окуп баалоого тиешелүү болгон. Анткени заманбап илимий жана технологиялык жетишкендиктерге көңүл бурбаган аалым заманына жараша аруулугунун чектерин белгилей албай, аруулукка күмөн карап калуусу мүмкүн. Өзгөрүлмөлүү заманда жашаган мындай окумуштуу карапайым элге да аруулуктун үлгүсү боло албайт.

> "Заманбап илимий жана технологиялык жетишкендиктерге көңүл бурбаган аалым заманына жараша аруулугунун чектерин белгилей албай, аруулукка күмөн карап калуусу мүмкүн."

## Куру доомаtка калбоо

Жогоруда айтылган өзгөчө даражалуу аруулукка ээ болгон адам куру доомаtка калбоо үчүн туура эмес жорууга себеп болчу кыймыл аракеттерден да алыс болуусу зарыл. Мисалы, обу жок өйдө-ылдый сөздөр айтыла турган той-топурларда же башка жыйындарда карапайым эл берген ишеним кредитин коротпоо максатында олуттуулугун коруп, чечендикке салбаганы жакшы. Ооба, милдеттери менен зарыл нерселерди кемтиксиз аткаруу менен бирге туура эмес пикир жаратуучу жерлерде иш-аракеттерди жасабоосу керек.

Бул абалды конкреттүү мисал менен бергенге аракет кылалы. Сиз элдин арасында жогорку адамгерчилик сапатыңыз менен таанылган инсансыз. Бир күнү коомдук аң-сезимде туура эмес көрүлгөн иштер болуп жаткан көчөдөн өтүп бара жатасыз дейли. Эгер сиз эл сыйлаган, үлгү катары көргөн адам болуп туруп, бул сыяктуу көчөдөн же башка шектүү жерден өткөндө "кызык, бул жакка кирдиби же ал жерлерде достору, тааныштары барбы?" деген күмөндөргө себеп бербей, абройуңузга шек келтирчү нерселерден узак болууңуз зарыл. Ооба, эгер сиз калк көзүн карап турган адам болсоңуз, сизге ишенген адамдарды күмөндө калтырбоо үчүн, ишенимине чаң жугузбоо үчүн, мажбур эле болбосоңуз мындай жерлерден бир чакырым алыс жүрүңүз.

## Бир топтун өкүлүнө айтылган сөз жалпы топко айтылып калат

Аруулугу менен белгилүү бир топтун өкүлү кээде бир маселени кеңешүү үчүн каршы жыныстагы адам менен көрүшүүгө мажбур болот. "Булар эмнени сүйлөшүп жатышты болду экен?" дедиртпеш үчүн жанына үчүнчү бирөөнү кошо ала баруусу керек. Жолугуп аткан адам сезимтал бир нерселерди сизге түшүндүрүп кириши мүмкүн. Азыр болсо мындай абалдарды камера же фото аппаратка тартып алуу өтө эле оңой болуп калгандыктан, көргөн бирөөлөр аны алып башкача жоруп жибериши мүмкүн. Булар бир тараптан башкаларды күмөнгө түрткөн, аруулукка терс келген аракет жана абалдар болуп саналат. Ошондуктан эл оозуна алынган топтун өкүлү бул сыяктуу нерселерден абайлоосу зарыл. Ооба, сиз он түрдүү жорууга ачык болгон абалга калсаңыз да, ал он ыктымалдын бириси дагы абройуңузга зыян келтирбегендей кылышыңыз керек. Анткени бир аруулугу менен билинген топтун үлгүсү болгон адамдардын намысына шек келтирген нерселер жалпы топко тийип, "эгер булар муну кылып жатса, демек, бул топтон жакшылык издебеш керек" сыяктуу ойлорго жол ачып, адамдарды өкүнүч жана үмүтсүздүк ойлорго түртөт. Бул топтун ичинде сизди үлгү катары кабыл алган, сизге сезим жана акыл-эси менен байланып калган адамдарды жоготуу жолуна сүйрөп кетчү кыймыл-аракеттерге бара албайсыз. Эгер кирсеңиз моюнуңузга көтөрө алгыс оор жүк арткан болосуз. Ошондуктан сиз эбегейсиз кайрат жумшап, напсиңизди ооздуктап, өзүңүздү туура нукка багытташыңыз керек.

## Аппак кийим жана сезимталдуулук

Элибиздин келечеги жакшы болоруна күмөнсүз ишенген биз көңүлдөргө акыйкат жана адилеттүүлүктү угузуу үчүн адамдардын рухтарын кайра жандандырганга болгон аракетибизди жумшайбыз. Өтмүштөгү кайдыгерликтен улам бүгүнүбүз бүдөмүк болгондой, биз дагы келечек муундун закымдарын карартпаш үчүн коомдун эң коркунучтуу жерлерине барууга мажбур болобуз. Мындан улам багалектерибизге баткак же андан да кир нерселер жугуп калууда. Бирок мындай муктаждык жок эле өзү каалагандай анда-мында сайрандап, интернет сайттарынан чыкпоо, эс алам деп түрдүү жерлерге саякаттоону ата-бабабыз эч качан жактырган эмес.

Эл арасында "молдокенин селдесине чок түштү" деген сөз бар. Ал апакай селдеге чымын отуруп кетсе да из калып, көңүлдү бурат. Мында "жакасынын кири бир эли, анан уялбай бизге акыл айтат" деген сөзгө калбаш керек. Ошондуктан эл оозуна алынган чыгаан инсан дайыма аруулуктун туу чокусуна чыгуу аракетин токтотпоосу зарыл.

# Нуркамил Мадалиев: “Сойкулук жөнгө салынган схема болуп калган”

Жогорку Кеңештеги сойкулук менен жан баккан кыздардын санын кыскартуу максатында сунушталып жаткан мыйзамда айтылган “салык салуу сойкулуктун санын кыскартабы?” деген суроонун тегерегинде Жогорку Кенештин депутаты, сунушталып жаткан мыйзамдын автору Нуркамил Мадалиев кеңири маек курдук

АЙСУЛУУ ЭСЕН КЫЗЫ

**– Сойкулук менен жан баккан кыздарга айып пул төлөтүү менен алардын санын кыскартууга болобу?**

– Бул маселени чечүү абдан татаал. Бул сойкулук жөн жерден пайда болгон жок, социалдык маселелерге түздөн-түз байланышы бар. Азыртан эле каршы пикирлер болуп жатат. Бирок кандай болсо дагы коомчулуктагы жат көрүнүшкө чек коюу максатында биринчи кадамды жасадык.

**– Сиздин сунушуңуз боюнча денесин саткан кыздарга 1500-2000 сом өлчөмүндө айып пул салуу көрсөтүлгөн. Эмне себептен ушул суммага токтолдуңуз?**

– Биз абайлап кадам жасап көрдүк. Бул башталышы гана, коомдук пикирди угуп, талкуулары жүргүзгөндөн соң бул сумманы өзгөртүүгө мүмкүнчүлүктөр болот. Сойкулук менен алектенген адамдардын аты-жөнүн коомчулукка чыгара турган механизмдерди иштеп чыгышыбыз керек. Буларга мыйзам чегинде жаза берилип, Ички иштер министрлиги ар биринин аты-жөнүн ачыкка чыгарса болот. Бул сойкуларга моралдык-психологиялык сокку болот жана санын кыскартууга салым кошот.

**– Айып пул төлөтүү жана жазалоо менен сойкулардын саны кыскарбайт. Алар дагы коомдун бир бөлүгү деп жатышат.**

– Бул маселеге комплекстүү түрдө мамиле кылшыбыз керек. Мындай жаман көрүнүштү мыйзам чегинде жок кылууга болгон аракеттер жасалып жатат. Бирок коомчулук бүгүнкү күндө психологиялык-нравалык жактан оор абалда тургандыктан, мындай ишке барган кыздарга тарбиялык жактан колдоолор керек. Буга чейин биздин тарыхта миңдеген жылдар бою кыргыздар кыйын турмушта жашап келишкен. Бирок азыркыдай сойкулук деген жат көрүнүш болгон эмес. Муну азыркы учурдагы экономикалык-социалдык абалдын оордугуна шылтап койбостон, тарбиялык, нравалык иш-чараларды жүргүзүүгө өтүшүбүз керек. Адам башына кыйынчылык түшсө эле абийирден кетип, ар түрдүү ишке бара бербеш керек, адам ойлонуп иш кылыш керек. Ал үчүн балдарыбыздын тарбиясына, жан дүйнөсүнө, психологиясына көңүл бурушубуз керек. Булар өзүнчө чоң тема. Ал эми сойкуларга айып пул салуу деген денесин саткан кыздардын кылып жаткан иши мыйзам чегинде туура эмес иш экенин, ошондой ишке барса айып пул төлөөгө милдеттүү экенин эскертүүчү мыйзам болот. Бул жарандардын жоопкерчилигин гана арттырат.

**– Сойку кыздарга айып пул салуудан мурда сойкулукту уюштурган, аларды иштетип акча тапкан чоңдорду жазалайлы деген сунуштар да келип жатат.**

– Сойкулук жөнгө салынган чоң схема. Бул терс көрүнүш менен күрөшүү дүйнө жүзүндө өтө оор маселе болуп саналат. Биздин мыйзамда сойкулукту уюштургандар үчүн мыйзам каралган. Бирок кеп ал мыйзамдын иштешинде.

**– Денесин саткан кыздардын аты-жөнүн ачыкка чыгаруу менен адам укугун тепсеп жатабыз деп чыгышы да мүмкүн?**

– Адам укугу деп чыгып жатышат. Менин атыма каттар келип жатат. Мыйзамда ар ким ден-соолугун коргоого укуктуу деген беренеге таяп, мени күнөөлөп жазышыптыр. Мен бул сунуш менен бирөөнүн ден соолугун коргогон укукту бузуп жатамбы? Бейөкмөт уюмдар, ушундай иштин арты менен оокат кылгандар чырылдап каршы чыгып жатышат. Булар чубалжытып бир нерселерди жазып келишип кишинин башын айландырууга аракет кылышат. Депутаттарды эч нерсе түшүнбөйт, ушинтип адам укугу, эл аралык пикирлер, БУУнун, дагы бир башка уюмдардын атын жазып келе берсек булардын башы айланып артка чегинип калышат деп ойлошот. Биз кагазга жазып алган мыйзамга караганда кыргыздын жазылбаган мыйзамдары менен иш алып барсак алда канча жеңил болмок. Миңдеген кылымдар бою адамды сактап келген моралдык, нравалык баалуулуктар болгон. Ал эмес бизде жазылган мыйзамды туура пайдаланбай бурмалап алып иш кылышат. Бул кыргыз элинин келечегине балта чабат.

**– Сойку кыздарды эле эмес, кыздарга барган эркектерди дагы жазалоо кошо каралабы?**

– Бул туура сунуш. Ушул мыйзамды талкуулоодо эркектерди жазалоо маселеси дагы кошо каралышы керек. Коомчулукка түшүндүрүү жана жаза колдонуу иштери бирдей каралыш керек.



# Ч.Термечикова: Кылмыштуулуктун өсүшү балдардын түнкүсүн көчөдө жүрүүсүнө чек койду

Өткөн аптада парламентте жашы 18ге толо элек өспүрүмдөрдүн чоң адамдын коштоосу жок түнкү саат 10дон таңкы саат 6га чейин коомдук жайларда жүрүүсүнө тыюу салган мыйзам колдоо тапты. Мына ушул теманын алкагында “Данакер” үй-бүлөнү бекемдөө коомдук фондунун жетекчиси, психолог Чынара Термечикова менен маек курдук.

ГҮЛНАЗ МАМЫТОВА

**-Түнкү саат 10дон кийин 18 жашка чейинки улан-кыздардын көчөгө чыгуусуна тыюу салган мыйзам долбоору иштелип чыгып, ал ЖКда колдоо тапты. Бул мыйзамды туура кабыл алынды деп эсептейсизби?**

– Үй-бүлөдөгү көйгөйлөрдү эске алганда, түндө катталган кылмыштарга көбүнчө жаш өспүрүмдөр дуушар болуп жатат. Балдар бүтүрө турган иштерди түнкү саат 10го чейин бүтүрүп жетишсе болот. Эл аралык конвенцияга ылайык өспүрүмдөрдүн укугу чектелип калат деп айтышыбыз мүмкүн. Бирок балдар түнкү компьютердик клубдарда уктап калганча оюн ойноп отурушат. Түнү менен клубда отурган бала эртеси сабакка барбай же жумушуна кечиккендер көп. Мунун баары баланын жашоосуна терс таасирин тийгизип жатат. Ошондуктан балдарды мындай азгырыктардан алыстатыш үчүн пайдалуу иштер, спорт, бий сыяктуу курстар менен алектендирүү керек. Ал эми түн ичинде пайдалуу иштер болбойт. Түнкү саат 10дон кийин нормалдуу бала уктайт.

**-Бул мыйзамга коомчулукта муктаждык бар беле?**

– Мындай мыйзамга муктаждык келип чыкты. Себеби кылмыштуулуктун саны өсүп жатат. Ал эми кылмыштуулуктун көпчүлүгү түнкү саат 10дон кийин болууда. Мындай кылмыштардын баары чектөөлөрдүн жоктугунан улам болуп келет.



**– Айтылган сааттан кийин көчөгө чыккандарга 300 сомдон 1500 сомго чейин айып пул салынат. Бул кадам коррупцияга жол ачат деп айтылууда. Чынында эле кармалган балдардын укук коргоо органдарынын өкүлдөрүнө акча берүүсү аркылуу коррупциялык иштер башталбайбы?**

– Эч кимге жашыруун эмес. Биздин коомдо иштебеген мыйзамдардын баары коррупцияга жол ача турган ыкма болуп калды. Ошол сыяктуу эле айып пул деп төлөнүп жаткан акча кимдин чөнтөгүнөн кимдин капчыгына түшөт? Ошондуктан бул кадам коррупциялык иштерге жол ачышы ыктымал. Муну менен катар биздин коомдо ата-энелүү жана ата-энеси жок балдар бар. Социалдык жактан аз камсыз болгон үй-бүлөлөр көп кездешет. Анда булардын балдарынын абалы кандай болот?..

**-Бул мыйзам Кыргызстандын 18 жашка чыга элек жарандарына бирдей иштейби?**

– Бирдей иштебей калышы мүмкүн. Эгерде мыйзамдар жакшы иштесе элдин барына бирдей иштемек. Түндөсү кармалып калган баланын ата-энеси, баланын өзүнө болгон ишенимин түшүп калбасын, теңтуштарынын жанында уят болуп калбасын деп, акчасы жок ата-эне ошол айып пулду карызга алып болсо да төлөшү мүмкүн.

**-Бул балдардын психологиясына кандай таасирин тийгизет?**

– Эгерде мыйзам бардык жарандарга бирдей иштебесе, анда бул баланын аң-сезимине терс таасирин тийгизет. Колунда бар үй-бүлөнүн баласы мени кармады, бирок атам куткарып кетти деши мүмкүн. Экинчи бала мени апам карызга акча алып куткарды деши ыктымал. Жетилип келе жаткан бала мыйзамдын туура эмес иштеп жатканын көрсө, анда бул баланын психологиясына таасирин тийгизет.

# Заманбап маалымат согуштары

Борбордук Азиядагы тынчтыкты орнотуу жана медиа технологиялар Мектебинин директору Инга Сикорскаянын АКИ-пресс маалымат агенттигине жарыяланган макаласынын биринчи бөлүгүн кото-руп окурманга сунуудабыз. Макалада бир да көз ирмемге токтобой жүргүзүлүп келе жаткан медиа кагылышууларга саресеп салынган.

ИНГА СИКОРСКАЯ

Маалымат согушу - бул жалпыга маалымдоо каражаттары аркылуу объектиге системалашкан зыян келтирүү дегендик. Бардык маалымат согуштардын негизин үгүттөө жана "мээни чайкоодо" колдонулуп келген эски ыкмалар түзөт. Маалымат айдыңынын ааламдашуусу менен бул ыкмалар (методдор) массалык кыйратуунун жаңы куралына айланды.

Санарип заманында **медиа-согуштар** деген термин пайдаланыла баштады. Өзүнө түшүнүктөр менен аракеттердин конгломератын камтыган медиа-согуштарды белгилүү бир максатты ишке ашырыш үчүн бардык заманбап медиалардын берүү каналдарын пайдалануу аркылуу маалыматтык жана маанилик согуштарды жүргүзүү деп аныктасак болот.

**Маанилик согуштар** объекттин дүйнө таануу өзөгүн бузууга багытталган. Аны бузуу үчүн тынымсыз чабуул коюлуп турат. Мунун жыйынтыгында объект дүйнөнү баштапкы өзөгү калыптагандай кабылдагысы келбей, башкача типтеги чечимдерге жол издей баштайт.

Мөөнөтү узак мүнөзгө ээ болгон таасир берүү операциясы да медиа-согуштардын куралы болушу мүмкүн. Санариптик заманда, маалыматтык таасирлер көп учурда максат кылынган объекттин көңүл буруу зонасынан тышкары жүргүзүлүп турат. Мындай заманбап байланыш куралдар менен жүргүзүлгөн медиа-согуштарда мамлекет аларга жооп кайтарканга жетишпей калат.

Америкалык аналитик, маалымат жана киберсогуштар тармагындагы изилдөөчү, стратег Джон Аркила: "Маанилик согуштар адамдын ички дүйнөсүн толугу менен өзгөртөт. Ал бирдиктүү структураны бириктирген өзөктүк маалыматтан ажыратат. Маанилик согуштардын максаты мына ушул өзөктүк маалыматка багытталган. Өзөктүк маалыматты сындырган соң структурасын толук өзгөртсө болот.

Мындай типтеги согуштар азыркы учурдун гана эмес, мурда болуп өткөн окуяларды да жоруугa негизделген. Муну ЖМКлар, массалык маданият, илим-билим мекемелери аркылуу ишке ашырат.

Ушундай учурда жасалма жаратылган жорум күчөтүлүп, көбөйтүлүп таратылат, "чоочундар" болсо чеке белге түртүлүп чыгарылат. Мындай четке кагылган салттуу жорум жасалма жорумга коркунуч келтире албай калат.

Кандай болбосун медиа-согуштардын принципиалдуу максаты – ар бир маалымат керектеген адамдын акыл-эсин маалымат мейкиндиги аркылуу тымызын башкаруу. Мындай виртуалдуу менеджмент адамдарды, социалдык топторду башкарганга, алардын жүрүм-турумун көзөмөлдөгөнгө мүмкүндүк берет. Экономика, саясат, аскердик тармакта мындай ийгиликке жетүү маалымат согушун уюштурган стратегдердин негизги максаты болуп саналат. Башка бирөөнүн жүрүм-турумун башкаруу бир типтеги жүрүм-турумду кубаттап, башка типтегини басмырлайт.

**Кибер согуштар** – коркунучтун жаңы тиби. Ал учурдагы согуштардын мүнөзүн кескин өзгөртүүдө. Мындай согушта коркунучтун булагын так аныктоо негизги көйгөйгө айланат. Кибер согушта мамлекет менен анын калкын коргоп калуучу жана кайтаруу куралдарын толук кандуу колдоно албайсың.

Мисалга алсак кибер террорчулар аскердик жана мамлекеттик объекттерге чабуул жасабай эле финансы системасына сокку уруп, өлкөдө олуттуу башаламандыкты уюштуруп коё алат. Бул чакырыктын башка элементи болуп, бир маанилүү суроо туулат. Интернетти тескөө тармагында жана маалыматтык инфраструктураларды кибер кылмышкерлердин деструктивдүү аракеттеринен сактап калуу максатында демократиялык көзөмөл кантип ишке ашат?

### Украина менен Россиянын 2013-2015-жылдардагы медиа-согуштарынын сабактары

2013-2015-жылдардагы орус-украиндердин маалыматтык согушунда бул өлкөлөрдүн негизги мамлекеттик ЖМКлары негативдүү пропаганда кылганы билинди. Ири мамлекеттик жана улуттук каналдар баш болуп бул согушту баштап, ушул тапка чейин улантып келишүүдө.

Бул маалымат согушунун биринчи этабы (2013-жылдын декабры – 2014-жылдын апрели) маалыматтык-психологиялык агрессияга негизделген максаттуу чабуулдары менен айырмаланды. Виртуалдуу объектилер менен иштөө бул маалыматтык кагылышуунун негизги жаңылыгы болду. Бардык негизги мессэждер чынында жок же абстрактуу болчу. Мисалы: "Новороссия" деген пропогандалык объект аркылуу аудиторияга (элге) айтылып жеткирилип турган нерселер чынында жок эле. Бул согушта аталган клише (кептик стереотип) виртуалдуу болгон. Анткени тарыхта Донецк менен Луганск эч качан Новороссия делген алкакка кирген эмес. Новороссиянын тарыхый борбору жана чек аралары болгон эмес. Ошондуктан ар ким аны өз каалоосу менен саясий коньюнктурасына жараша чийип алса болот.

Андан сырткары медиа аркылуу адамдардын аң-сезиминде бекем орноп калчу ар кандай образдарды түзүп, аларды элге таңуулоо пайдаланылган. Мисалы, автоматчан адамдарды репортаждарда "илбериңки адамдар" (вежливые люди) деп аташты. Бул стереотиптүү образдар эл тарабынан позитивдүү кабылданышы үчүн атайын түзүлгөн. Муну менен "тынч жаткан" элди коргоп жатышат деген таасир берип, куралчан адамдарды аудиторияга көндүрүү үчүн бул стереотиптүү образ жаратылган. Же болбосо "ополченцы" деген клише. Бул сөз баскынчылардан жерин коргош үчүн өз арасынан түзүп алган элдик аскердик тайпага карата колдонулат. Орус-украин маалымат согушунда бул термин башкачараак мааниге ээ болгон. Жаңылыктарда, репортаждарда "элдик мэр", "элдик губернатор" деген сөздөр юридикалык жактан макамага ээ эмес, аянтта дайындалган инсандарды атоо үчүн пайдаланылган.

Буга кошумча эски, басынткан "фашист", "бандерчи", "хунта", "каратель" деген клише жана стереотиптер колдонулган. Мында эски, жергиликтүү элдин аң-сезимине сиңген символдорго таптакыр башка объектилер орнотулган. Украиналык маалымат контр чабуулчулдар да "боевик", "террорист" деген сөздөр менен коштолгон.

Постсоветтик мейкиндиктеги медиа-согуштардын тарыхында биринчи жолу айкын, ачык каршылык көрсөтүү жана жалганды элге ашкерелөө механизмдери ишке киргизиле баштады. Интернет желесинде Украинадагы окуялар боюнча туура эмес маалыматтарды, табылган тексттик жана визуалдык мисалдарды көрсөтүү, жасалма нерселерди аныктаган интерактивдик техникалар сунушталган.

Маалыматтык чабуулдар "керектүү" медиа талаасын түзүш үчүн буга чейин далай жолу ийгиликтүү ишке жарап берген эски ыкмалар менен да коштолгон. Крым Орусияга кошулардан бир канча жума мурун кабелдик операторлор аларга каршы күч колдонуу коркунучтан улам бардык каналдарды өчүрүшкөн. Алардын ордуна эфирдик жыштыктардан дароо орусиялык каналдар көрсөтүүлөрүн башташкан.

Буга жооп катары, украин хакерлери орусиялык мамлекеттик сайттарына жапырт чабуулга өтүшкөн. 7-марттын таңында "Российская газета" украиндердин "Киберсотня" уюмунун чабуулуна кабылды. Бузулган ресурста "Киберсотнянын" эн тамгасы, Путинге тартылган карикатуралар менен наразы болгон украиндердин "Путин, мен орусмун! Жогол бул жерден!" деген сүрөттөрү орун алган.

Кийинки күнү Россия президентинин жана "Россия" банкынын сайты чабуулга кабылган. Андан сырткары Lenta.ru. маалымат агенттигинин веб-сайты ачылбай калган. ЖМКлар бул үч чабуулду тең Anonymous кыймылынын орусиялык бөлүмү мойнуна алгандыгын кабарлашкан. Март айынын башында Russia Today телеканалынын веб-ресурсуна чабуул кылынган. Матриалдардын баш сөзүнө "нацист" деген сөз орнотулган. Жоопкерчиликти анонимдүү AntiLeaks хакердик тобунун өкүлдөрү мойнуна алган.

23-мартта Орусиянын Тышкы иштер министрлигинин сайты иштен чыгарылган.

### Медиа-согуштар адамдын аң-сезимине кандай таасир берет?


Башында аудитория (эл) окуялардын бир тараптуу чагылдырылышын көрүп, кандайдыр бир күмөнгө түшө баштоосу мүмкүн. Бирок тегереги таңууланган категориялар менен ой-жүргүзгөн адамдар менен курчалгандыктан, медиа согушка каршылык кылууга жетиштүү эркти жана күчтү таба албай өчүп калышат.

Өткөн жана болуп жаткан медиа-согуштардын тажрыйбасын изилдеген соң, Кыргызстанга да мындай чабуулдардын кесепеттерин изилдеп, маалыматтык каршылашууда уттуруп жибербегендей жеке моделдерди иштеп чыгууга жакшы мүмкүнчүлүктөр түзүлүүдө.



> "...медиа-согуштардын принципиалдуу максаты – ар бир маалымат керектеген адамдын акыл-эсин маалымат мейкиндиги аркылуу тымызын башкаруу."

# Бүгүнкү күндөгү сүткорчулук жана кредиттер



Акыркы учурларда кредиттик карыздарынын көбөйүшүнүн фонунда калктын кредиттик мекемелерге жана банктарга, акча-кредит саясатынын заманбап системасынын дарегине карата айтылган сын-пикирлери көбөйдү. Сын-пикирлердин көпчүлүгү банктар тарабынан берилген насыялардын пайыздары жогору экендигине тиешелүү.

“Банктар элди атайын карыз торуна түшүрүп, кредит алуучулардын күрөөгө коюлган үйлөрүн, квартираларын, автомобилдерин жана башка баалуу буюмдарын тартып алып жатышат” деп айтылууда. Бирок бул маселенин күңгөй тарабы да бар экендигин унутпайлы. Банктар эч кимди “кредит ал” деп мажбурлабайт. Өлкөбүз кооптуу болгондуктан (страновой риск) жана ликвиддик ресурстардын жетишпестигинен улам каржы уюмдарына кредиттер сырттан кымбат келип, насыялардын пайызы жогору. Ошентсе да банктар биздин өлкөнүн мыйзамдарын жана Улуттук Банктын талаптарын так аткарышат. Өз учурунда салыктарын төгүшүп, өлкөнүн бюджетин толуктап турушат. Биздеги болсо акча-кредит системасындагы тең салмактуулук бузулган. Буга кошул-ташыл болуп, маал-маал банк системасы аркылуу өтүп, аны алсыраткан дүйнөлүк экономикадагы кризистер кошулууда. Буларга мурунку кылымдын 80-жылдарында өткөн керектөөчүлүк кредит кризисин, 2008-жылдагы көптөгөн банктарды кошуп, финансылык институттарды, камсыздандыруу компанияларын жана башка мекемелерди кыйратып кеткен кризисти кошсок болот.



ТАЛАНТ КЕРИМБАЕВ

Кредиттик системадагы тең салмактуулуктун бузулушу кредиттик келишимге кол койгон катышуучулардын ортосундагы өз ара мамилелердин калыс эместигинен, сүткорлуктун айынан келип чыгат. Азыркы учурдагы бардык насыялардын негизинде сүткорлук жатат. Салыштыруу үчүн, кеялиңиздер, кредит деген эмне экендигин карап көрөлү. Кредит деген бир тараптан экинчи тарапка белгилүү бир мөөнөткө, төлөө, кайра кайтаруу шарттары менен акча каражаттарын берүү болуп эсептелинет. Башкача айтканда, насыя мөөнөтүнүн узактыгына жараша баасына пайыз кошулган акча каражаттарын сатуу. Демек, насыя пайыздык өсүшү бар, кайтарымдуулугу көп учурларда кредит алуучунун күрөөгө коюлган баалуу нерсеси менен камсыздандырылган нерсе. Өз кезегинде сүткорлук да акчаны пайыздык өсүүсү менен бирге карызга берүү болуп саналат. Ушундан улам бүгүнкү күндө ар бир үйдүн эшигин чертип турган кредит менен сүткорлук экөө бир эле нерсе экендигин түшүнсөк болот. Сүткорлук ар замандарда илим да, бардык диндер тарабынан да сындалып, экономиканы жана адамдардын турмуш-тиричилигин талкалай турган, бай менен кедейдин арасын бөлгөн, эч бир мээнет кылбай туруп, кембагалдардын эсебинен чоң каражатка туйтунгандардын иши экен деп билсек болот. Учурда сүткорлукту каражаттарды карызга негизделген бийик пайызда кандайдыр бир буюмду күрөөгө коюп алуу деп жаңылыш түшүнүп жүрүшөт. Сүткорлуктун кредиттен айырмасы – пайызы салттык өлчөмдөн өтө эле жогору деп түшүнүп алганбыз. Бирок “салттык өлчөмдөгү пайыз” деген дагы өзүнчө жомок, анткени анын эч качан конкреттүү стандарттары болгон эмес.

Эми тарыхка көз чаптырып көрөлү. Байыркы Грециянын улуу ойчулу Аристотель өзүнүн “Саясат” деген трактатында пайызга берүүнү табиятка дал келбеген нерсе деп эсептеген. Ал акчанын негизги маанисин соода жүргүзүү үчүн керектелген жардамчы каражат деп билген. Сүткорлук ал учурларда антикалык коомду буза турган бир фактор деп саналган. Байыркы Руста жана кийинчерээк Россия Империясында сүткорлук уят нерсе катары саналып, пайыздык өлчөмдү жогорулаткан насыячы мыйзам тарабынан куугунтукталган. Буга негиз катары жер иштетүүнүн же болбосо өндүрүш өндүрүмү чыныгы ак эмгектин натыйжасында өсүп жаткан мүлк деп, сүткор болсо, акчаны эч мээнет кылбай туруп, алдамчылык менен көбөйтөт дешкен.

Кылымдардан бери жашап келе жаткан, “кебетесин” өзгөрткөн сүткорлук системасы бүгүнкү күндө да түрдүү терминдерди жамынып, өз ишин улантып келе жатат. Учурда заманбап банкирди тар чөйрөлөрдө "ойлоп табуусу өөрчүгөн сүткор" деп атап келишет.



## Каныбек Оморов: «Электр тартыштыгын азайтуунун эң жакшы жолу үнөмдөө»



Электр энергиянын жетишсиздигин биз былтыр сездик. Күзгө, кышка чукул электр энергияны сарптоо кескин түрдө көбөйөт. Жай мезгилинде бир күндө 20млн киловатт саат электр энергиясын саптасак, кышында 60 млндон ашык сарпталат. Үч эсе көп болгонунун себеби, элдин баары жылытуучу аппараттарын иштетип, энергияны көп колдоно башташат. Калк канча керектесе ошончо чыгарып беришибиз керек. Болгон гидро электр станциялар, жылуулук электр борборлору иштеп чыгарган кубаттуулук жетишпей калып жатат. 1995-жылдан бери бир да ГЭС курулуп ишке берилген жок. Мына 2010-жылы Камбар Ата-2 ГЭСнин биринчи агрегаты коюлду. Акыркы 15–20 жылдан бери мурдагы электр энергиясынын запастары менен элди камсыздап келгенбиз. Эми алар түгөндү. Баары түгөнгөнүн көрүштү. Эми араң ойлоно баштаашты. Бул көп жылдан бери көңүл бурулбай калган маселе болчу. Мурдатан эле ойлонуп, ушуга чейин ГЭСтер курулуп калыш керек эле. Эми минтип электр энергиясынын таңкыстыгынан чыгуу үчүн ар кандай чараларды көрүп атабыз. Электр тартыштыгын азайтуунун эң жакшы жолу үнөмдөө болуп эсептелет.

Биз дуушар болгон танкыстыктан чыгыш үчүн жаңы кубаттуулуктарды ишке киргизишибиз керек. Жаңы ГЭСтер ишке кирмейинче тартыштык жоголбойт жана эч качан таңкыстыктан арылбайбыз. Ошол үчүн импортоого мажбур болобуз. Экинчи жагы Токтогул суу сактагычындагы суунун тартыштыгы болуп атат. Бул суу сактагычка суунун көлөмүн кармап турууга жана толтуруп анан иштетүүгө милдеттүүбүз. Себеби гидро агрегаттардын иштөө өзгөчөлүгү бар. Алар жогорку деңгээлдеги суунун агымына иштейт. Суунун көлөмү аз болсо тетиктерине күч келип, бузулат.

## Кыргызстан менен Беларустун соодасы жүрөт

Бажы тоскоолдуктарынын алынып салынышы Кыргызстан менен Белорусиянын ортосунда товар алмашуунун көлөмүн көбөйтөт”, – деп эсептейт минскилик экономист Вадим Йосуб. Эксперттин оюу боюнча эки өлкөнүн ортосунда соода мамилелери бекемделсе Кыргыз Республикасынын агрардык тармагында жылыш болот.

Кыргызстан ЕАЭБге кирсе, мүчө өлкөлөр менен соода кылууда чоң мүмкүнчүлүктөр ачылат. Кыргызстандын ЕАЭБге киргенге чейин Беларусь өлкөсү менен товар алмашуусу салыштырмалуу аз эле болчу. Ал жерден Кыргызстанга дан, дары-дармек, дөңгөлөктөр, тракторлор, кагаз жана бут кийим келчү. КРнын Улуттук статкомунун билдирүүсү боюнча 2013-жылга карата Беларустан импорттолгон товардын баасы 117 миллион долларга жеткен. Бул биздин өлкөнүн бардык импортунун 2 гана пайызын түзгөн.

Кыргызстандан Беларуска жер-жемиш, электр жабдуулары, автомобилдин запастык тетиктери жөнөтүлүп турган. Албетте, бажы тоскоолдуктары алынып салынгандан кийин



товар алмашуунун көлөмү көбөйүшү мүмкүн. Беларустун экспорттук негизги товары – тракторлор жана айыл чарба шаймандары. Йосубдун айтуусу боюнча Минск учурда товарын сатуу үчүн Россиядан башка жаңы рыноктору издеп жатат.

“Мурун соода мамилелеринде бюрократия жана коррупция тоскоолдук кылса, эми ишкерлердин шарттары кадимкидей жакшырат” деп белгилейт белорусиялык эксперт. Эгемендик алган жылдардан бери Кыргызстанда айыл чарба өндүрүмдөрү кыскарып кеткен. Өзүбүздүн окумуштууларыбыздын изилдөөлөрү боюнча өлкөнүн дыйкандары айлана-чөйрөгө зыянын тийгизбей туруп, мындан дагы 10 эсе көп түшүм алса боло тургандыгын айтышат. Бирок буга техниканын жетишсиздиги тоскоол болууда. Учурда беларус тракторлорунун баасы 22 миң доллар болуп жатат. Эксперттин оюу боюнча чек араларды ачып, товарларды жүгүртүүнүн санын көбөйтсөк, Беларусиянын айыл-чарба техникаларынын баасын кескин төмөндөтсө болот.

# Табылды Асыгалиев: Биздин эреже дүйнөдө “кыргыздын көкбөрүсү” деп кабылданууда



Кесипкөй Табылды Асыгалиев агабыздын кеңири маегинин экинчи бөлүгү. Биринчисин «Саресеп» гезитинин 4-санынан окусаңыздар болот.



РАХАТ АКМАТОВА

**– Эгемендикти алгандан кийин улак тартыш кеңири жайылды, оюн эрежелерин тактоо, эл аралык эрежелерге ылайыктоо аракеттери көрүлдү. Ошол өзгөртүүлөр жана түзөтүүлөр тууралуу азыноолак айта кетсеңиз.**

– Ооба, көкбөрүнүн заманбап эрежелери пайда болду. 200 метр аралыкта футбол талаасынын өлчөмүндөй майданда эки тай казан салынган. Бул эрежелерди кыргыз элинин чыгаан инсаны Болот Шамшиев түзгөн. Оюн эрежелери Казакстандан келатканда түшүнө кирген деп айтышат. Буларды уюштуруу үчүн оюн майданы керек эле. Алгач Аскар Салымбеков 1995–1996-жылдары талааны жасатып, мелдештерди уюштуруп берген.

Таласта Болот Шамшиев менен биргеликте 16 команда катышкан “Манас-97” фестивалын өткөргөнбүз. Казакстандан эки команда келген. Ошентип 1998-жылы биринчи жолу федерация түзүлдү, президент шайланды. Азыр өзүнүн герби, гимни, желеги, логотиби бар. Федерациянын биринчи президенти Болот Шерниязов болгон. Ал киши көкбөрүнү эл аралык аренага алып чыккан алгачкы адам болду. Болот депутат болуп кеткенден кийин федерацияны Аскар Салымбековго өткөрүп берген. Салымбеков карымкатнаштарды дагы көбөйтүп, кыргыз-казакты клубдар арасында мелдештирди. “Көкжал” деген клуб түзүп, Нарындын атынан чыгарган. Анан Нарын облусуна губернатор болуп барганда айылдардагы көкбөрүчүлөрдү көтөрүп чыккан. Нарындагы дээрлик баардык айылдарга тай казандарды курдурган. Аскар Салымбеков депутат болуп кеткенден кийин Молдомуса Конгантиев федерация президенти болуп калды. Ал киши милиция арасында да, карапайым жаштар арасында да оюнду өнүктүрүп, түштүк регионуна жайылтты. Учурдагы президентибиз Чүй облусунун губернатору Канат Исаев. Бул да улакты сүйгөн, ышкыбоз жигит.

**– Көкбөрүнүн аймактар арасында ойноо өзгөчөлүктөрү барбы? Мисалы өлкөнүн түндүгү менен түштүгүндө айырмачылыктар бар дешет.**

– Ооба, айырма бар. Түндүк зонасында улак тартышат. Ал эми Ош, Жалал-Абад, Баткенде торпок тартылат. Бирок эл аралык аренага чыкканда Ошто да, Жалал-Абадда да бирдей эреже менен ойношот. Ал жакта да командаларыбыз бар. Мисалы, “Достук” командасы. Кышы менен аэропорт жакта жума сайын торпок тартышат. Чоң тойлорду өткөрүшөт. Жеке инсандар, улуттук оюнду сүйгөн депутаттар, министрлер барышат. Чер жазганы барып жаштарга улак уюштуруп беришет. Түндүктүн балдарын чакырып кээде "Лейлек улагы" деп улак тартышат, ишемби күнү торпок тартышат. Көкбөрү болсо ат майдандарында ойнолот. Биздин эреже менен Өзбекстан да, Тажикстан да, Казакстан да ойнойт. Футбол Англиядан, хоккей Канададан чыкса, көкбөрүнүн азыркы түрү “Кыргыздын көкбөрүсү” деп кабыл алынган. Биздин сыймыгыбыз, жетишкендигибиз, жеңишибиз дагы ушул. Көкбөрү кыргыздыкы, эреже кыргыздыкы.

**– Көкбөрү федерациясы негизделгенден бери бул оюнду эл аралык саябанга чыгаруу аракети башталган эле. Ал турсун, Оогандан, Монголиядан бери келип мелдеш болгон. Анан токтоп калды. Эл аралык деңгээлге чыга албай жаткандыгынын себеби эмнеде?**

–2002-жылы бизде эл аралык Ататүрк турнири өткөрүлүп, Кытайдан, Ооганстандан, Казакстандан, Тажикстандан жана Өзбекстандан командалар келип ойношкон. Андан кийин "Аскаров турнири" деп Казакстанда өтүп жүрөт. Эл аралык, олимпиадалык оюндарга кыргыздын оюну катары тартуу кылсак деген максат бар. Бирок дүйнө жүзүндө аттарды башка мелдештерге алып чыгуу өтө кыйын, кымбат. Кеминде эле алты айлап карантинде туруш керек. Текшерилет, ветеринардык комиссия, бажы дегени бар. Андан сырткары аттарды таптап, багып өстүрүү, жем-чөбү, машинада ташып жүрүү деген түйшүктөрү бар.

**– Айрым эл аралык адистер көкбөрүдө жаныбарларга карата зомбулуктун элементттери бар деп баалашат экен. Кыязы, улакты союп таштагандан улам айтып жатышса керек. Улактын ордуна кандайдыр бир ошого окшош нерсени тартса болбойбу?**

– Дүйнөлүк жаныбарларды коргоо коому биздин улакты союп тартканыбызды жактырбайт. Ошон үчүн көп жылдан бери муляж жасоо аракети көрүлүүдө. Улактын формасын резинадан жасайбызбы же башкасынанбы жана тай казандарды да чечилме кылып заманбап, коопсуз кылып куруу маселеси турат. Бирок улактан муляж жасаганда ал кандайдыр бир өзүнүн кызыгын жоготуп жиберет экен да. Кыргыздарга ал жакпайт. Антели десек Испаниянын деле корридасы бар эмеспи. Букалардын шайын кетирип, бычак менен сайгылап кыйнап жатышпайбы. Алар деле болбой өзүнүн оюнун улантып келатышат. Бирок баары бир заманбап амалдарын табышыбыз керек.

**– Азыр улак тартыш негизинен бизде, анан Казакстанда кеңири жайылган, дал ушул эки өлкө ортосунда айыгышкан таймаш жүрүп келет. Бирок ортодо дайыма чырлар болуп жатпайбы, аны тыйса болбойбу? Эми биз 21-кылымдын көз карашы менен жашашыбыз керек эмеспи.**

– Жакшы суроо. Улуттук оюнду дүйнөгө тараталы десек, сыртка чыгып ойнош керек деп, эки жыл мурда казактарга барып ойноп келдик. Казак туугандар көкбөрү биздики болуп калганына ичтери күйүп жүрөт. Бүт баары тең “кыргыздын көкбөрүсү” деп айтабыз деп кабыл алышкан. Мисалы, казактар “көкпар” дейт, бирок көкбөрү дегенге макул болушкан. Тажиктердики “бошкашы” дейт, Ооганстанда да ушундай. Фарсы тилинен “бошкашы” деген көкбөрү дегенди түшүндүрөт. Өзбектердики “көпкари” дейт.

Кыскасы, казактар көкбөрүнү да өздөрүнүкү кылгысы келишет. Алар эрежени бузуп “бизде чөл, күн ысык , аттарыбыз өлүп калат, эки тайм менен ойнойбуз” деп бизге өз жобосун жөнөтүшкөн. Биз анын астында эки жолу барып, Чымкентте эл аралык турнирде казактарды клубдук деңгээлде утуп, 1–2-орунду кыргыздын эки командасы алып келген. Анда дагы ичкүптү болуп калышкан. 10 жыл мурда да кыргыздар 10:1 эсебинде утуп алганда Казакстандын Президенти Нурсултан Назарбаев берген арзан кредиттердин эсебинен тегеректеги кыргыздардын улакка чыкчу аттарынын көбүн сатып кетишкен. Казакстарда акча көп да. Бир эле облуска 500 млн теңге бөлүнөт экен. А биздики жалпы улуттук оюндарга болгону 5 миллион сом бөлүнчү. “Эмнеге утулабыз ушунча акча менен” деп калыстар жалаң өзүнүкү болуп, өздөрүнө тартып бизди утуп алышкан. Болуптур эми деп былтыр Көчмөндөр оюнуна чакырсак, бир чети уялышып, негизи утулабыз деп коркуп келишкен жок.

**– Улакчынын орточо курагы канча?**

– Мурда 40тан өйдөкү куракгагылар деле ойноп жүргөн. Бирок кийинки 10 жылдан баштап улакчылар жашарып келет. Себеби ал кезде азыркыдай айыгышкан таймаш аз эле. Азыр мелдештер айыгышкан мүнөз күтүп, таза кандуу, күлүк, чапчаң аттар кошулду. Алар шамалдай сызып, балдарыбыз урунуп-беринип жарадар болуп жатышат. Улакты жүрөгүндө жалы бар, көздөрүндө от жанган, чоюн билек эр азаматтар тартат да. Көбүнчө 25–30 жаштагылар ойнойт. Жашы өтө баштаган сайын табынан кетет экен.

**– Чынында Көк бөрү экстремалдык оюндардын түрүнө кирет, ат мүдүрүлөт, кээде улакчылар аттын астында калышат же аттар ээ бербей көрүүчүлөрдү аралап кетишет. Коопсуздук чараларын күчөтүү аракети барбы?**

– Албетте, жанагындай тополондо аттын астында тебеленип жатышат. Ошону үчүн бизге атайын ат майданы керек. Кыргызстанда эң көп көрүүчү келген оюн – көкбөрү. Он миңден ашык киши келет. Ипподромго эл батпай кетип атпайбы, трибуна урайбы деп коркобуз. Канча балдарыбыз жаракат алып, эсинен танган учурлар болот. Ошондон кудай сактасын дейбиз. Ат жаныбар акылдуу эмеспи, оңой менен тепсебейт, баланы аттап кетет. Ошондой болсо да тура калганда туягы тийип кеткен учурлар болот, ат менен кошо жыгылып басылып калганы болот. Атайын тез жардамга сүйлөшүп оюн болгондо оюн талаасына коюп коёбуз.

# Үмөт: **Тайторунун үстүндө кичине бала бар да, азыр ошол таптакыр айтылбай келет**

Үч жаштагы жаш манасчы Үмөт Дөөлөталиев жөнүндө калк арасында маалыматтар кенен. Буркан-шаркан түшүп, токтобой манас айткан бул жаш манасчы элди таң калтырды. Эми Үмөт он жашка толуп, ак-караны бир аз болсо да айырмалап калды. Манас айтуу учурундагы келген элестер, көрүнүштөр тууралуу эч нерсе айтпай турганын алдын ала кабарлайт. Анткени "Манастын" канчалык баалуу экенин түшүнүп калды

ЧОЛПОН БЕЙШЕЛЕН КЫЗЫ



## Төш белгини 7 президентке жолукканда эле алмакмын

Маданияттын мыкты кызматкери төш белгиси Үмөт Дөөлөталиевге быйыл берилди. Кыргызстандын тарыхында 10 жаштагы жаранга алгачкы жолу мындай төш белги ыйгарылды. Ал Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат жана туризм министрлиги тарабынан берилди. «Төш белгини мен 7 президентке жолукканда эле алмакмын, бирок быйылкы жылды кошкондо 18 мамлекеттин башчысына кезиктим»,– дейт жаш манасчы.

Мен он сегиз президентке жолуккам, негизи төш белгини жети президентке жолукканда эле бериш керек экен. Алмазбек Атамбаев менен Москвада жолуктум, ошондо ал жерде жети президент бар болчу. Калмыкиянын, Монголиянын президенттерине жолуктум. Монголиянын президенти мага таң калып, жакын келип карады. Ал эми Отунбаевага мурда эле жолуккам.

## Тайторуну чапкан бала айтылбай келет

Үмөт "Манас" эпосундагы эпизоддордун ичинен өзүнө эң жакыны катары "Тайторуну чапканын" айтат. «Акыркы учурда манасчылар Тайторуну чапкан бала тууралуу айтышпайт. Бирок Тайторуну чапкан чабарман бала болгон», – дейт жаш манасчы. 3 жашынан бери жаш манасчыда жакшы жылыштар болду. Атасы Болот бош убакыт табыла калса эле баласына "Манас" эпосундагы Үмөт уга элек бөлүктөрдү айтып берет. Үмөттү куймак кулак десек болот. Анткени ал эпостун бир дагы бөлүгүн жаттабай, укканы боюнча кайра айтып берет.

Мен манасты үч жашымда айта баштагам, бирок эл алдына үч жарым жашымда айтып чыкканмын. Ошондо эле менде сап деген жок болчу да, өзүм эле айтып кете берем. Бирок айткан манасымды мен жаттабайм, себеби биздин тукумубузда бар. Чоң атам, атам, бир туугандарым манасчы, өзгөчө өзүмдүн атам чоң манасчы, бирок мага жетпейт, мен атамдын алдында чоң манасчымын да. Атам да мендей жаш кезинде мага окшош чоң манасчы болгон экен. Азыр атам мага окшош кичине болгондо бирдей манасчы болмокпуз. Байкелерим, атамдар манас жатташат да, ошол мезгилде мен мултик көрүп, дивандын астына кирип чыгып ойноп жүрүп эле, алар айткан манастарды жаттап алгам.

Атам менин манаска шыгым бар экенин билип, анан китеп көп окуп бере баштады. Китеп окуганда тез эле мээме кирип калат, анан аны кайра эле атама айтып берем. Мага "Тайторуну" айткан аябай жагат. Ошол Тайторунун үстүндө кичине бала бар да, азыр ошол таптакыр айтылбай келет. "Жети хандын урушун", "Чубак менен Алманбеттин урушун" айтканды да жакшы көрөм. Чубак Алманбет атаны "калмаксың" деп жемелегенде: "Кан кыл деп айттым киминди? Кааладым, келдим диниңди. Каңкылдайсың Чубак сен, Кагайымбы жиниңди", – деп жатпайбы. Мен жаттай элек, биле элек манастар дагы көп. Атам бош убакта гана мага жаттатат. Азыр кошумча сабактарга барып жаткандыктан, өзүм да бошобой жатам. Комузга, орус, англис тилдерине барып жатам.

## Азербайжанга барып, Манасты тартып алдым

Манасты кыргыз элинин баалуулуктарын коргоого алыш үчүн , ЮНЕСКОго киргизүү үчүн бир топ аракеттер жасалганы белгилүү. Мындай аракет Үмөттүн башынан да өттү. Ал Азербайжанда өткөн жыйынга барып манас айтты. «Мен элди таң калтырып айтпасам Манас атамды алып кетет дедим. Анан болгон күчүм менен төгүп бердим. Баары таң калды. Ошондо гана Манас атамды кайра Кыргызстанга алып келдим", – дейт.

Манас айтууда мен биринчи жолу чоң самолёт менен Москвага бардым. Экинчисинде кичине самолётто Атамбаев менен дагы Москвага учтум, бирок сонун тамак берди. Кийинкисинде Астанага поезд менен бардым, бирок президент менен жолукпай калдым. Анан Азербайжанга бардым, ал жактан манасты утуп келбедимби. Манас айтканы жатканымда балдар мени "эгер сен жакшы манас айтпасаң, анда Манас атаңды алып кетишет" деп коркутушту. Кийин Манас айтканы чыктым, ошондо мени токтото алышпай кыйналышкан. Соң Түркияга бардым, ал жерден Стамбулдун мэрине, губернаторуна жолуктум. Биздин эл 5 млнго жакын болсо, алардын эли 8 млн. экен. Анкарага бардык, ал жерде бир күн жатып, эртеси 500 километр ары бардык. Ал жерде Иса пайгамбардын музейине, анын чиркөөсүнө бардык. Стамбулга кайра келип, мекенибизге кайтаарга бир-эки күн калганда Султан Ахмед мечитине кирип, ал жерде атам экөөбүз намаз окуп чыктык. Султан Сулеймандын гаремине кирдик. Ал жерде баягыдай эле соотчон, кылыччандар турат. "Кыргыз кылыч" деген бар экен, аны көрүп атам экөөбүз таң калдык. Мага Түркия өзгөчө жакты, ал жак аябай кооз экен. Биз самолёттон кыргыз жерин карасак, ар түрдүү түстөрдү көрөбүз, Түркияда болсо бир гана кызыл түс көрүнөт. Эгер Кыргызстан менен Түркияны салыштырсак, анда Түркия ашып кетет. Анкарада эстеликтердин арасында Назарбаев туруптур да, анан "неге биздин президент жок" деп аябай кабагым бүркөлдү да. Казакстанда бир да манасчы жок да, аны бай деп эле коюп жатышат. Ал жак кооз болсо да, мен баары бир өз мекенимди сүйөм. Бизде бийик болгон тоолорубуз, көлүбүз укмуштуудай кооз да.

Чет жакка чыкканымда аябай даярданам да, анан эч такалбай айтып берем. Манас айтуу менен мектептеги окуумду да жакшы окуймун, чейректеримдин баары беш. Мектепте балдар манас айтып бер дешет да, мен "болбойт" деп коём, себеби алар сөгүнүшөт да. Саякбайдан бир киши сураптыр да "сиз манас эле айтасыз, бир ырдап койбойсузбу" десе, Саякбай атабыз "эмне бүркүт салып жүрүп, куш салмак белем" деп айткан экен да. Мен да манасты арак ичкен жерлерде такыр айткым келбейт, аябай жек көрөм арак ичкендерди. Мектебимде эң эле жакшы көргөн досторум Тилек менен Ислам. Бул досторум аябай тартиптүү да, кыздарга кол көтөрүшпөйт, сабактарын жакшы окушат, унчукпай жүрө беришет.

## Премьер-министр болом

Үмөт келечекте манасчылык өнөр менен кошо премьер-министр болгусу келет. Себеби учурдагы Кыргызстандын акыбалы көңүлүн чөктүрүп турат. Анын катарында жаш манасчы бийик үйлөрдүн жоктугуна кейийт. «Чоңойсом байлардын акчасын алып, бийик үйлөрдү курам».

Менчи, чоңойгондо министр болгум келет, алар башкарат да, "тигини тигинткиле же мындай кылгыла" дейт да. Азыр Кыргызстанды жакшы карашпай жатат, жолдор оңдолбой жатат, ошол жолдорду оңдоп койсо эмне болушат эле. Көбү бай, бир акчасын чыгарбай жатышат. Эгер мен президент болсомчу, мындай эмес башкача өнүктүрмөкмүн. Кедейлерге акча бермекмин, бийик-бийик кабат үйлөрдү салмакмын. Өзү магачы акча кармаганга такыр болбойт, эгер мен манас айтканда акча берип калса, аны тез арада апама же атама бере салам. Эч качан Кыргызстанымдан чыккым келбейт. Чет жакка чыксаң адашып калат экенсиң.

Азыркы учурда мен жомок китептерди көп окуймун да, жакшы көрүп окугандарым – "Апендинин жоруктары". Бирок мен китепке караганда манаска жакынмын, себеби манас болбосо кыргыз эли болмок эмес да. Жүрөгүмдүн сырларын атама-апама айтам, бирок аларга да, эч кимге айтпаган сырларым да бар. Өзү Манас ата баатыр болгон, кыргыз элимди сактап калган. Кыргызстандын Астанадай өнүгүшүн каалайт элем.



# Капаланганда адамдардан качып калам

Жан дүйнөсү аруу, көптөгөн ырлары менен окурмандарынын жүрөгүнөн түнөк тапкан, кесиби башка болсо да жан дүйнөсү адабиятка, поэзияга жакын Калича Жакыпова өзүнүн сырлары менен бөлүштү

ЖЫЛДЫЗ АКБАР КЫЗЫ

**– Саламатсызбы! Биринчиден чакырыгыбызды кабыл алып, убактыңызды бөлүп келгениңиз үчүн сизге ыраазылык билдиребиз. Алгачкы суроону сиздин аруу таза балалык мезгилиңизден баштасак?**

– Менин балалыгым эки шаркыратманын ортосунан орун алган Нарын шаарында өткөн. Ошол шаркыратмадан эргүү алып чоңойдук десем да болот. Негизи кичинемден эле өжөр, көк бет, эрке кыз болчумун, көбүнчө мени апама салыштырышчу.

**– Бул акындык чөйрөгө аралашып калганыңызга эмне себеп болгон жана алгачкы ырларыңызды качан жазып баштадыңыз?**

– "Ушул убакыттан баштап жазып баштадым" деп айталбайм, себеби Кожокелди Култегин агабыздын "качан ыр жазып баштаганымды билбегендей эле, кантип ыр жазып калганымды да билбейм" деп айтканы бар эмеспи. Мен дагы кантип ыр жазып калганымды билбейм. Бирок кичине чагымда биринчи ырларымды "атама" "апама" деп жазганым эсимде.

**– Акындык чөйрөгө аралашкандан кийин, өзүңө ылайыктуу устат табуу да олуттуу нерсе. Айтсаңыз сизде устат тандоо кандай болду?**

– Устатты мен тандаган жокмун, аны мага Кудай жолуктурду десем болот. Мен буулукканда жазган ырларымды радиого берип турчумун. Ошондо устатым Жылдызбек Турсунбек уулу "Манас" радиосунда эмгектенчү экен. Менин ырларымды угуп калып, бир жолу "Нур борбордун кечеси болот ошого келип кет" деп чакырып калды. Ал кечеге барып таанышып калдым, анан ырларымды карап берүүсүн сунуштасам макул болуп, өзүнүн ойлорун, кеңештерин айткан. Менин кесибим такыр башка болгон үчүн, бул чөйрөгө аябай чоң эмгек сарптап, кичине ордумду таптым десем болот.

**– "Чабыт" фестивалына барып келгениңизди билебиз. Ал жакка кантип барып калдыңыз жана кандай ийгилик менен келдиңиз?**

– "Чабыт" фестивалы Казакстанда эки жылда бир өткөрүлүп турат. Бул фестивал интернетке ачык жарыяланат. Биринчи катышкандар 160 адам болгон экен, кийин алардын 100ү иргелип алынган соң, устатым экөөбүзгө чакырык келип анан барып калдык. Кийин "Чабыттын" сыйлыктарына ээ болдук.

**– Ыр жазганда сиз маанисине көбүрөөк басым жасайсызбы же уйкаштыгынабы?**

– Айрым акындар жөнүндө "идея куушат" деп угуп калам. Бирок мен башкалардан өзгөчөлөнтүп, "мындай же тигиндей жазайын" деп эч ойлогон эмесмин. Бала чагымда да, азыр да, кийин келечекте да андай кылбайм деп ойлойм. Мен жүрөгүмдөгү болгон нерсени жазгым келет. Жүрөктө уйкаштыкты кууганга мүмкүн эмес. Жүрөгүндөн чыккан ыр болсо, уйкаштык өзү эле келет деп ойлойм. Мен бир уйкаштык тапкан соң, экинчи уйкаштык издеген учур болгон эмес.



**– Ыр жазууда "эргүү" дейбизби же "илхам" дейбизби аларды кайдан аласыз?**

– (күлүп) Маршурткадан алам же жумушта бир ишти иштеп олтурсаң деле келе берет. Негизи мен белгилүү бир убакытты куубаймын. Жымжырт болсун, түн болсун, саат 12 болсун деген нерселер мага жат.

**– Ыр жазып, андан соң ысым ыйгарасызбы же ысым ыйгарып анан ыр жазасызбы?**

– (күлүп) Бул мен үчүн эң оор маселе. Ыр жазып алып атын таппай жүргөн учурлар болот. Кээде устат эже агаларыбыздан сурап ыйгарган учурлар болот. Ырдын маанисине жана көңүлүмө төп келген ат болмоюнча жүрө берем. Кээ бир ырлар китепке ысымы жок кирген учурлар да болду.

**– Акын кандай өзгөчө сапаттарга ээ болушу керек?**

– Акындарды коомдон бөлүп карагым келбейт, болгону алардын өзгөчөлүгү ыр жазуу болсо керек. Алар ыр аркылуу бугун чыгарып алышса керек. Дагы бир нерсе – акындардын баёо сезимдери. Алар дүйнөнүн кирине ишенгилери келбей баёо сезимдер менен гана жашап калышабы деп ойлоп кетем.

**– Азыркы учурда адабияттын абалы кандай?**

– Азыр адабиятта көйгөй көп. Биринчи көйгөй – мамлекет кылып берсин деп жата беребиз, өзүбүз кылсак да болот деп айтпайбыз. Ошол эле учурда башка коңшу мамлекеттерди карап намыстанам. Акындарга маданияттын өгөй баласындай мамиле жасашат. Дагы бир көйгөй – азыр жаш акындар өз арбайын өзү согуп, чет жакка барып конкурстарга катышууда, бирок аларга көңүл буруу жок. Ага караганда ырчылар барып келсе коомдук каналдан көргөзүп пиар кылышат. Адамдардын жан дүйнөсү ачка калып жатканы менен эч кимдин иши жок. Кудайга шүгүр "Нур борбор" чыгармачыл жаштар академиясы бар. Бир топ акындар өсүп келе жатат. Кечелерин өздөрү өткөрүшөт, эч жактан таяныч күтүшпөйт. Бул нерсени мен эмнеге айтуудамын. Казакстанда акындын китептерин мамлекет чыгарып, жылына 70–80 поэзия кечелерин өткөрүп берет. Бул укмуштуудай көңүл буруу да. Биздечи, жылына бир жолу да поэзия кечесин өткөрүп бербейт. Бизде аралашуу, пикир алышуу жок. Менин поэзия кечемди өткөрүшүмдүн себеби да – бири-бирибиз менен пикир алышуу. Бул биздин мамлекетти каралоо эмес, болгону адабиятка, поэзияга да көңүл бурабы деген ой бар.

**– Дос тандоодо эмнеге өзгөчө көңүл бурасыз?**

– Чынын айтсам досум аз. Дос тандоодо аябай этияттык керек, себеби мен да досума ошончолук татыктуу мамиле жасашым керек. Мен бир адамдан иренжисем, ага кайтпайм, ошол үчүн досту сейрек тандаганга аракет кылам. Досту тандоодо биринчи кезекте чынчылдыгына маани берем, өзү кандай болсо ошондой көрүнүшүн каалайм. Мен аны кемчилиги менен бирге кабыл алууга даярмын.

**– Кантип татыктуу жашаш керек?**

– Жашоо өзү ушундай. Биздин ата-бабаларыбыз бул күнгө чейин бизге тепкич болуп келди. Эми биз келечек муундарга тепкич болушубуз керек. Жашоонун маңызы ушунда деп ойлойм.

**– Сиз кайгырып капаланган кезиңизде эмне кыласыз? Кыйынчылыктан кантип чыгасыз?**

– Мындай учурларда адамдардан качып калам. Бул качуу текеберликтен эмес, балким ошол маанайымды адамдарга көрсөткүм келбейт. Алар менин маанайымдан таасирленбесин деп адамдардан алыстайм. Негизи бул жашоодо сыноолор болуп турбаса бактылуу учурлардын маңызын, баркын сезбей, билбей калабыз. Күлүп жеңгенге аракет кылам. Сыноо убактылуу экенин билем. Сыноону жибергенине Кудайга шүгүр кылам.

**– Жашоодо эмнеден рахат аласыз?**

– (күлүп) Тынчыбаган адаммын. Негизи ким болсо дагы тааныймынбы, тааныбаймынбы менден ал адамга бир жардамым, белегим жетсе, ал рахматын айтса жакшы болуп калам. Мага таарынган адамдардан кечирим сурагандан да рахат алам. Мен ар кечте өзүмө отчёт берем . Муну менен жеңилдеп, рахат алам.

**– Адамдардын баалаган сапатыңыз?**

– Жогоруда айтып кеткендей чынчылдык. Чынчылдык мен үчүн эле эмес, Кудай алдында да керек нерсе. Мүнөзмдү ачык эле айтам. Аны жаап жашырып "мен андай эмес мындаймын" деп айтуудан алысмын. Адамдардагы өзгөчө баё, таза сезимдерин баалайм.Мен өз дүйнөмө көп адамдарды киргизе бербейм. Көбү жөн эле тааныш, санаалаш катары кала берет. Алардын көңүлүн оорутпаганга аракет кылам, себеби ар кимдин өзүнчө жан дүйнөсү бар.

**– Келечектеги жолдошуңуздун кандай болушун каалайсыз?**

– Эң негизгиси чынчыл жана адамгерчиликтүү болсо. Адабият жаатында эмес башка эле кесиптин ээси болсо дейм, себеби бул түйшүктүү кесип. Адабият жаатында болушун элестете албайм.

**– Поэзия кечеңиз жөнүндө айта кетсеңиз?**

– Поэзия кечеме Казакстандан Акберен Элгезек, Эрлан Жунус, Уларбек Далий уулу, Санжар, Бауржан Карагыз уулу жубайы менен келишти. Бул кече башка кечелерден алып баруучусу жок болгондугу менен айырмаланат. Кечебиз классикалык музыканын коштоосунда өтөт.

## Ойгонуу

Өзгөчө эмес, өңчөй ырлар жазыпмын,
Өзгөргөнсүйм... Бирок, дале жашыкмын.
Өзүмдүн ким экендигим билгенче,
Өмүрүмдүн чейрегинен ашыпмын.

Кайда алыска кетип мезгил чубактап,
Кечегимден бүгүн барам ыраактап.
Бул жашоонун баркын билбей жүрчү экем,
Бүгүн ушул Тирүүлүккө ырахмат!

Тек кетирбей мүдөө, тилек, кубатты,
Тебелебей «инсан» деген бул атты.
Жарала элек муундар бизден күтүшөт,
Жаркын күндү, аздектелген мурасты.

Жашай келсек, бул турмуштун күзүн биз,
Жашообузда бир көз ирмем, үзүмбүз.
Келгенибиз, бирок, айтчы жалганбы,
Келечекке «тепкич» болуу үчүн биз?

Эрк, ой менен оңдоп баардык абалды,
Эртеңкиге бүгүн койсок кадамды.
Акча, бийлик, мансап эмес - чынында,
Абийир гана! Адам кылат-Адамды!

Ээрчип жүрүп, жетегинде ойлордун,
Эми гана чыйралгандай ойлондум.
«Уктап» келген көрүнөмүн жашоодо,
Улуу максат, улуу Жолдо - ойгондум!

Болсо кокус, ушул Жолдо жеңилүүм,
Бошой түшсө эрким, күчүм же менин.
"Алсыз, пендем"- деп, кечирип, жөлөк бол?
Аяп жана күч бер, Улуу- Теңирим!

Кылыш үчүн заманама бир пайда,
Колдоп жана күч бер мага, Теңирим?

# Мынча адам жөн эле ызы-чуу болгон жокко

Бүгүнкү күндөгү иштеп жаткан Конституцияга 2010-жылкы Конституциялык Кеңешменин 75 мүчөсүнүн 69 мүчөсү кол коюп, референдумда добуш бергендердин 90.55% колдогон. Кыргыз Республикасынын Конституциясы эл аралык эксперттер тарабынан моделдик деп табылып, жакшы баага татыган. Кечээ 24-июнда Жогорку Кеңеште Конституцияны өзгөртүү боюнча референдум өткөрүү үчүн 80 депутаттын колу жыйнала баштады. 23-июнда Бишкекте активдүү жарандар чогулган форумга бул өзгөртүүлөрдү сунуштап жаткан Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин көпчүлүк коалициясынын фракция лидерлери Ө.Текебаев, Ч.Турсунбаев жана Ф.Кулов келген жок. Жарандык коомдун өкүлдөрү бул өзгөртүүлөргө таптакыр каршы экенин билдиришти



### Тамирлан Ибраимов: Конституцияны өзгөртүүнү каалабагандар иштен айдалууда

КР Конституциясын өзгөртүүгө Жогорку Кеңеш жана Президенттик администрация катышып жатат окшойт. Эң абалы биз Конституция эмне экенин жакшы билишибиз керек. Конституция – бул коомдук келишим. Биз бири-бирибиз менен сүйлөшүп келише алсак өнүгөбүз. Ошондуктан Конституциянын эрежелери сакталыш керек. Эрежелер сакталган жерде өнүгүү болот. Биз эмнеге өнүкпөйбүз? Мыйзамдар карапайым эл үчүн гана жазылган дегенсип, аны жазгандар сактабаса иш токтойт.

Конституциябызга 25 жыл толду. Бирок укуктук жактан өтө жаман абалдабыз. 1994-жылдан баштап бийликке келген башкаруучулар эрежелерди өздөрүнө ылайыктай башташты. 2005 жана 2010-жылкы революцияларга Конституцияны өзгөртүүлөр түрткү болгон.

Ооба, Конституция ыйык китеп эмес. Бирок аны өзгөртүүгө фундаменталдуу объективдүү себептер керек. Учурда деле кайра майда саясий эсептер менен Конституцияны эле өзгөртүү пландалууда. 2010-жылы кандайдыр бир консенсустун негизинде бийлик коом менен сүйлөшүүгө даяр болчу. Талашуу болгон, бирок бир нече принциптин негизинде бириккенбиз. Ошолордун негизгиси – 2020-жылга чейин Баш мыйзамга өзгөртүү киргизбейбиз деген чечим эле. Конституцияны өзгөртүүгө болбойт деген беренеге каршы, бир нече "крючкотвор" шылтоо табышты.

Бул өзгөртүүлөр кирсе саясий партиялардын лидерлери каалаган адамын депутат кыла алат. Депутат калк шайлаган эл өкүлү эмес, лидерине толук баш ийген партиясынын адамы болуп калат. Калган бардык өзгөртүүлөрдүн баары зыян гана алып келет. Мен алардын баарына толук каршымын. Азыркы Конституциянын бир дагы тамгасына тийүүнү каалабайм. Бул өзгөртүүлөрдү киргизүүгө каршы чыккан сотторду иштен айдай баштады. Мыйзам жана абийири менен өкүм чыгарган адам кызматтан алынууда.






### Чолпон Жакупова: Митингге чыгуудан башка арга калтырышпады

2010-жылы мен конституциялык консенсустан сырткары болгом. Референдум мындай кылынбайт жана Конституция мындай жазылбайт дегем. Кызыктуусу эми болсо бул Конституцияны жактоого аргасызмын. Бийликтегилер адамдарды мал ордуна коё баштады. Конституцияны өзгөртөм дегендер Башмыйзамды өзгөртүү боюнча референдумга баруунун процедураларын бузушту. Мыйзам боюнча 2020-жылга чейин бир да депутат же чиновник Конституция жөнүндө оозун да ачпашы керек. Бардык ишти Богатырево окшогон политтехнологдор багыттоодо. Президенттик администрациядагы Исмаилова жана Нарымбаев деген "крючкотворлор" жол таап чыгышкан. Депутаттар Конституцияны өзгөртүү боюнча мыйзам кабыл ала алышпайт. Ошондуктан булар Конституцияны өзгөртүү маселесин референдумга чыгаралы деген мыйзамды чыгарса болот деп жол табышкан.

Бул мыйзамды демилгелеп жаткандарын бири Өмүрбек Текебаев 2014-жылы эле Конституция коомдук консенсустун натыйжасы, өзгөрткөнгө болбойт деп айткан. Алар эмне деп айтканын унутса да, мен эмнени окуганымды унутпайм. Конституциялык палата бул өзгөртүүлөр Башмыйзамга туура келбейт деген корутунду беришкен. Бул чечимди колдогон КПнын судьясы Клара Сооронкулова азыр иштен четтетилүүдө. Аны Соттор Кеңеши аркылуу жумуштан кетиришүүдө.

Эмне деген өзгөртүүлөр киргени жатат? Конституциялык палатаны сот системасынан толугу менен чыгарып салуу каралууда. Эмне үчүн? Себеби, эртеби-кечпи азыркы бийликтегилерди ушул КП жоопко тартат. Булар элдин аң-сезими менен ойноп жатышат. Атайын депутаттык кол тийбестикти алып салыш керек деген ызы-чууну көтөрүп чыгышкан. Туура иштеген парламентте депутатты соттук жоопко тартуу проблема эмес. Чыныгы маселе башкада. Демилгелегендер кол күчүктөрдөн турган Жогорку Кеңешти каалап жатышат.

Бизде саясый коррупция мыйзам чыгаруучулук деңгээлге жетти. Партия башчыларына шайлоо сайын бизнес кылуу аздык кыла баштады. Азыр алар эки тизгин бир чылбырды толук колуна алып, партиясы утуп алган орундарды дайыма соодалап турганга умтулушууда. Мага жеткен маалыматтарга караганда бир депутаттык орун 100 миң менен 500 миң АКШ долларына чейин бааланууда.

Бул бийлик сот системасынын түбүнө жетти. Булар сунуштап жаткан вариант боюнча соттор өз башчыларын өздөрү чечпей, Президент менен Жогорку Кеңеш дайындайт. Уялбай маалымкат-негиздемесинде "соттор ийилчээк" болуш үчүн мындай калып жатабыз дешкен. Бул эмне деген шумдук! Сот ийилчээк эмес, темирдей бекем болуусу керек эмеспи! Президенттик аппаратка жыргал болду. Эч нерсеге жооп бербейт, бирок барын башкарат. Ошондуктан биз "Конституциядан буту колуңду тарт" деген митингдерге чыгышыбыш керек. Бизге башка арга калтырышпады. Буга чейин жазган кайрылууларга тырманып да коюшкан жок.



### Марат Кайыпов: Мен кээ бир өзгөртүүлөрдү колдойм

Мен 2010-жылы кыргыз улутунун жарымы кан жутуп отурганда Конституцияны алмаштырганга болбойт деп айткам. Бирок референдумга барып азыркы конституцияга добуш бергем. Анткени өлкөнүн утурумчулар тарабынан башкарылуусун каалабайт элем. Бизде парламенттик башкаруу дейбиз, бирок бир да парламент башкарган мамлекетте президентти эл шайлабайт. Сунушталып жаткан өзгөртүүлөр ишке кирсе президент менен парламент каршылашууга өтөт .

Мен кээ бир өзгөртүүлөрдү колдойм. Азыр ЖКда "биз баланча деген депутаттык топбуз, мынча кишибиз бар" деп ачык эле соодага өтүшкөн. Депутат группадан группага көчпөш керек. Эл партияга добуш берген. Ошондуктан мен мындай озгөртүүнү колдойм. Экинчиси, акимдерди жергиликтүү депутаттар шайлабай, премьер-министр дайындасын дегенди колдойм. Кыргызстан унитардык мамлекет. Биз өлкөнү сепаратисттерге салып бербешибиз керек. Үчүнчүсү – Конституциялык палата Жогорку сот менен тең болуусуна каршымын. 2010-жылы эле Жогорку соттун чечимин Конституциялык палатасынын карашына каршы чыккам.



## Конституцияны өзгөртүү боюнча Куловдун акыркы пикири

Ак үйдүн алдында Башмыйзамга өзгөртүү киргизүүгө каршы чыккандарга "Бул окуядан кийин мен өзүмө карата бир канча бүтүмдөрдү чыгардым", - дейт парламенттеги "Ар намыс" фракциясынын лидери Ф.Кулов 24-июнда АКИпресске берген комментарийинде.

"Биринчиден, элдердин митингге чыгышы – бул демократиянын көрүнүшү. Эч кандай бийлик бизде адамдарды өзүнө толугу менен баш ийдирип ала албайт. Бул биз жөн эле бир нерсени куруп жатканыбыз жок экенин билдирет. Коомдун бардык катмарларынын дооматтарын эске алып, бийлик көңүл буруусу керек. Эл тарабынан мындай дооматтарды угуп, мен мындай тыянакка келдим. Оппоненттер тарабынан жүйөлүү чечимдер болгон жок. Конституция 2020-жылга чейин бизге референдум өткөргөнгө тыюу салат - деп алар капкайдагы жүйөлөрдү келтирип жатышат. Биз айтып жатпайбызбы Конституцияга өзгөртүү киргизүү парламенттин өзү үчүн эле каралган. Алар өзгөртүү киргизе албайт. Элге тыюу жок. Эгерде жакшылап окуп көрсөңүздөр ал жерде референдум өткөрүүгө тыюу салынган жер жок. Анын тартиби Башмыйзамдын өзүндө Регламент жөнүндөгү мыйзамда жазылып турат", - дейт эл өкүлү.

Эл өкүлү оппоненттердин көпчүлүгү бийликтин вертикалына каршы эмес экенин кошумчалады. "Кээ бирлери депутаттардан кол тийбестигинин алып салганыбызга да каршы эмес. Биз өзүбүздүн долбоорубузга съезд депутаттын мандатын фракциянын сунушу менен алып салганга укугу бар экенинин жазып алганбыз. Буга карата айрым бир өзүнчө каршы чыгуулар бар. Алардын айтымында эгер бул кошумча кире турган болсо, партия лидеринин диктатурасы пайда болот дешет. Биз болсо депутаттын жоопкерчиликтүү болуусу башкаруучу фракцияга эмес, оппозицияга керек экендигин түшүндүрүп жатабыз. Бүгүнкү күндө парламентте күчтүү оппозициялык фракция жок", -деди Кулов.

Депутат бүгүнкү митингге катышуучулардын айрым өкүлдөрү менен мурда жолугушкана нын белгилеп өттү.

"Мен булар менен мурда эле расмий эмес жолугушкам. Ал жерде Динара Ошурахунова, Чолпон Жакупова, Нурбек Токтакунов, Тамерлан Ибраимов, Рита Карасартова жана башкалар бар болчу. Ошондой эле шайлоочулар менен профессордук-окутуучулук состав, мектеп директорлору жана педжамаатар менен жолугушуп бул тууралуу баарын төкпөй чачпай бергенбиз. Биз атайын угууларды өткөрүп жаттык. Кечээ күнү депутаттар дагы "юридикалык жактан силердики туура" дешти. Бирок, ушул нерсенин духу принциби туурабы? Бизге мындай нерсе керекпи? Беш жыл күтө турсак эмне болот эле. -дешет. Мен күтө албайбыз деп айтам. Анткени алтындай убакыттан уттуруп, парламентаризм институтун чоң сынга калтырабыз", -деп сөзүн жыйынтыктады депутат.

# Европа соцтармактардагы жихадчылардын аккаунттарын жаба баштайт


Европада полицейлердин атайын тобу соцтармактарда "Ислам мамлекети" тобу менен байланышы барларды издешип, алардын аккаунттарын жабышат.

Вашингтондун Бруклин институтунун билдирүүсүндө Твиттерде "Ислам мамлекети" тобу менен байланышы бар 90 000ден ашуун аккаунт бар. Бул аккаунттар аркылуу бир катар өлкөлөрдө террористтик деп саналган топтордун катарын толуктоолор ишке ашып турган.

Европалык полицейлер аттары айтылбаган айрым бир соцтармактар менен кызматташып турат. Соцтармактар полицияга "Ислам мамлекети" тобу жана аларга көмөк көрсөткөн жихадчылардын аккаунттарын табууга жардам берип турушат.

Полиция мындай аккаунттарды кармоо ишин 1-июлдан баштайт.

Европолдун айтымы боюнча "Ислам мамлекети" тобуна акыркы кезде 5000ге чукул европалык жарандар тартылган.




## Борбордук Азиядагы качкындар. Алар кимдер жана кайдан келишкен?

20-июнь – Бүткүл дүйнөлүк качкындардын күнү. Мындай маселелерди Борбор Азия өлкөлөрүндө кантип чечишет?

Борбор Азия өлкөлөрүнүн ичинен Казакстан кошуна өлкөлөр менен Афганистандан корголуп турат. Бирок 2015-жылдын январь айындагы маалыматка таянсак, Казакстандагы качкындардын 90 пайызын Афганистандан келген качкындар түзөт. БУУнун Алматыдагы Жогорку комисариатынын Башкаруу бюросунун адиси Жанна Досованын айтымында, Казакстанда 632 качкын жана 48 саясий башпаанек издеген тараптар бар. Афганистандыктардан тышкары качкындардын арасында региондогу башка өлкөлөрдүн жарандары да бар.



### Түркмөн кордону

Бирок Афганистандан качкан качкындардын көбүн Тажикстан кабыл алат. БУУнун Качкындар боюнча башкармалыгынын билдирүүсүндө, 2014-жылга карата Афганистандан келген качкындардын саны 4500гө жеткен. Азыркы күндө Афганистан менен чектешкен Түркмөн өлкөсүндө качкындар маселеси өтө курчуп турган убагы. Акыркы учурларда "Ислам мамлекети" тобунан, талибандардан коркон афганистандык түркмөндөр Түркмөнстанга кире качуунун амалын таппай турган кези. Укук коргоочу Фарид Тухбатуллин: "Багдистин 2000-3000 тургуну Түркмөнстанга качууга аракет кылып жатышат. Бирок Ашхабад бийлиги качкындарды киргизүүгө бир нече себептерден улам кооптонуп турушат. Алар "качкын кейпинде исламчылардын тобу кирип келиши мүмкүн" деп коркушат. Түркмөн чек арачылары абага ок атышып, качкындарды өзүнөн оолак тутуп турушат. 1990-жылдарда С.Ниязов Ооган тараптан келаткан качкындарды атып салууга буйрук бергени эсибизде. Алар өтүп келип колго түшкөндөрдү кайра талиптерге өткөрүп берип турушкан.

### Ислам Каримовдун эскертүүсү

Ташкент качындарга ташбоорлук көрсөтүү жагынан Ашхабаддан ашып түшкөн. Ташкентте БУУнун Качкындар боюнча башкармалыгын жаап салышкан. 2010-жылдардагы Кыргызстандын түштүгүндөгү улуттар аралык чатакта Ислам Каримов чек араны ачып, 110 000 этникалык өзбек качкындарын оперативдүү даярдалган лагерлерде кабыл алууга буйрук берген. Бул жөнүндө ал жакында эле иш сапары менен Ташкентке келген БУУнун катчысы Пан Ги Мунга эскерткен. Кыргызстанда абал турукташкандан кийин кайра булар кайтып келишкен. Кеткиси келбегендерди автобустарга зордоп салып жөнөтүшкөн. Алма-Атадагы БУУнун Качкындар боюнча башкармалыгынын адиси Жанна Досова Өзбекстанда расмий 125 качкын катталган деп билдирген. Чындыгында азыркы күндө 86 000 адам өзбек бийлигинин айтымында жарандыгы жок жашап жүрүшөт.

Кыргызстанда 2015-жылдын январь айына карата 431 качкын, 175 башпаанек издегендер, 12133 адамдын жарандыгы жок экендиги катталган. Жарандыгы жок адамдардын себептери учурда иликтенип, атайын долбоорлор иштеп жатат.

"Казакстанда жарандыгы жок адамдардын саны аз. 7038 адамдын атуулдугу жок экендиги аныкталган. Бул адамдардын көпчүлүгү СССР тарагандан кийин паспортун алмаштыра албай калгандар болуп саналат. Кыргызстанда 2014-жылдан баштап ушул сыяктуу адамдардын көйгөйлөрүн чечүү боюнча маалыматтык компаниялар иштей баштаган. Алар жардам алуу үчүн кайда кайрыларын билет",-дейт Жанна Досова.

## Ашыкча семирген балдардын саны 10 жылда 70 млнго жетет




Дүйнө жүзүндө ашыкча семирип кетүүдөн жабыркаган балдардын саны 42 миллиондун тегерегинде. Бул көрсөткүч 10 жылдан соң 70 миллионго көтөрүлүүсү мүмкүн.

Жогорудагы сандар Дүйнөлүк саламаттык сактоо уюмунун директору Маргарет Чан тарабынан айтылган. Гонконг шаарында өткөн жаш балдардын ашыкча семирүүсүн алдын алуу боюнча жыйында, бул маселе орчундуу болуп бараткандыгы белгиленген. Тактап айтканда, ар бир мамлекет жаш балдардын саламаттыгы боюнча кам көрүп, бул маселени көңүл борбордон узак калтырбоо керек.

Чандын айтымында, «Эң чоң зыян ашыкча шекерлүү ичимдиктер, энергиялуу жана азыктык баасы төмөн азыктардын сатылуусунан келет. Мындай продукциялар көпчүлүк учурда абдан арзан жана көп таркаган продукциялар катары көп сатылат».


Статистикага карасак, мындай балдардын саны дүйнөдө 1990-жылы 32 миллион болгон. 2013-жылы 42 миллионго жетти. Ал эми 2025-жылы 70 миллионго жетээри айтылды. Дүйнөлүк саламаттык сактоо уюмунун маалыматына караганда ашыкча семирип кеткен балдар өнүгүп жаткан өлкөлөрдө эң көп катталган.



## Путин: **"Индия менен Пакистан ШОСко кабыл алынат"**

Уфада 9-10-июлда өтө турган саммитте ШОСтун курамына Индия жана Пакистанды кошуу тууралуу чечим чыгат. Мындай билдирүүнү РФнын президенти Владимир Путин Петербургдагы экономикалык форумдун жыйынында билдирди.

"Азыр бул уюм (ШОС) маанилүү болгондуктан, ага кирүүгө башка өлкөлөр да кызыкдар болуп жатышат. Уфада өтө турган саммитте Индия менен Пакистанды бул уюмга мүчөлүккө алуу тууралуу чечим кабыл алабыз" деп В. Путиндин айткан сөздөрүн ТАСС билдирген.



### Тажик бийлиги «жихадка» кеткендерди жарандыгынан ажыратат

Тажикстан Сириядагы согушка кеткен 400гө жакын таджикстандыктарды жарандыгынан ажыратат.

Бул боюнча мыйзамга өзгөртүү киргизүү боюнча сунуш парламентке жиберилген. Эл өкүлдөрү аталган мыйзам долбоорун бүгүн кабыл алышты. Тажикстандын акыйкатчысы Зариф Ализоданын айтымында, "Чет өлкөдөгү согушка катышып жүргөндүгү далилденген тажик атуулдары, автоматтык түрдө жарандыгынан ажыратылат".

Тажикстандын расмий маалыматында, Сириядагы экстремисттердин катарында 400дүн тегерегинде тажик жарандары бар. Ал эми бей расмий маалыматтарда алардын саны мындан да көп экендиги айтылууда.

# Көзү ачыктык касиетпи же шылуундукпу?

Кыргыз коомунда карта кармап, алакан ачып, тагдырды алдын ала айткан көзү ачыктар көбөйүп, өздөрүн жарнамалоого өтүштү. Айрым адамдар “көзү ачыктардын кызматын пайдаланган соң ишим жүрүшүп калды” десе, “бекер эле кайрылыппын” деп бармагын тиштегендер да толтура.



ТАҢЧОЛПОН БАКЫТБЕК КЫЗЫ

Кыргыз калкы байыртадан эле ырым-жырымга ишенип келген. Бүгүнкү күндө да сыркоолоп же кандайдыр бир көйгөйлөр пайда болгондо атайын адистерге кайрылбастан түз эле табып, көрөгөчтөргө жөнөшөт. Базарларда, өз үйлөрүндө, атүгүл атайын кеңселерди ачып иштеген көзү ачыктар өлкөдө миңдеп саналып, алардын саны жыл сайын арбып барат.

Кыргызстанда көзү ачыктардын ишин көзөмөлдөгөн атайын мыйзам ченеми кабыл алынган эмес. Юрист Чолпонбай Жапаровдун айтымында, күнүмдүк пайда табуу максатында көзү ачыла калгандар көп. “Булардын ишмердүүлүгүн тескеген, кимдин көзү ачык, кимдики жок экендигине кызыккан тиешелүү уюмдар, мыйзамдар жок. Адам тагдыры менен ойногон мындай көзү ачыктарга иши жүрүшпөгөн аялдар эле эмес, эркектер да барышат. Талап көп болгон соң, сунуш дагы көп дегендей, оңой акча табууну көздөгөн адамдар аталган жолду тандашат”, – дейт Чолпонбай мырза.

Шариятта көзү ачыктарга кайрылуу жана бул иш менен алектенүү чоң күнөө. Нурлан молдонун айтымында, көзү ачыктарга баруу туура эмес жана барган адамдын кырк күн дуба-тилектери кабыл болбойт: Пайгамбарыбыз “ким көзү ачыкка барса, анын айтканына ишенсе, каапыр болот” деп айткан. Демек, ислам ишениминде көзү ачыктарга баруу жана алардын айткандарына ишенүү – бул каапырлык. Бул иш менен алектенген адам да күнөөгө батып, тозокко түшөт. Кээ бир көзү ачыктар сакал коюп, хиджаб кийип, намаз окуп, колуна теспе кармап, адамдардын ишенимине киришет. “Бирок мындай адамдарга ишенбей, алардан сактануу керек”, – дейт өз сөзүндө дин кызматкери.

Айрыкча базарларда көзү ачыктык кылып иштегендер көп. Айрымдары атайын орундарда олтурса, кээ бирлери адамдардын жолун тосуп, өз кызматын сунушташат. Бишкек шаарынын базарларынын биринде иштеген Жаңыл деген айымга көрүнүү үчүн келген кардарлардын саны арбын. Сырттан баамдагандай эле көбү карапайым катмардан. Бир адамды көргөнгө 500 сомдон жогору акча алган бул көзү ачыкка кайрылганы келген Гүлнара айым төмөнкүлөргө токтолду: “Жаңыл тууралуу курбумдан уктум. Билишимче кыйын деп айтышат. Курбум Орусияга барардан мурда соодасын ачтырып кеткен, азыр баары жакшы дейт. Мен да жолумду ачтырайын дегем. Башында келгенде “арча алып кел окуп берем” дегенинен кайра келдим”. Жаңыл менен баарлашуу үчүн кеңсесине киргенде “бүгүн кардарларым көп, бош убактым болгондо өзүм байланышам “ деп суроолорубузга жооп берүүдөн баш тартты.

Көзү ачыктар же калп эле көзүн ачып алгандар “Сиздин жашооңуз азыр эң татаал убакка келди”, “Сизди келечекте жакшылык күтүп турат”, “Сиз убагында мага келиптирсиз” деген сөздөрдү айтып, адамдардын психикасына таасир беришет.



Ушул сыяктуу базарлардын биринде иштеген Табылды деген көзү ачыкка жөнөкөй кардар болуп кайрылганыбызда, өз кызматынын баасын эмне себептен келгенибизди сурабастан эле, “Эгер жол ачтырам десеңер 500 сом, үй тазалатууга мен айткан бир нече нерселерди алып келесиңер, орточо баасы – 700–800 сом. Эгер дуба окутам же сүйгөнүмдү өзүмө кайрыйм десеңер, 5000 сомдон жогору болот” деп айта баштады.

Психолог Жаңыл айымдын айтымында, көзү ачыктардын көбү адамдардын ишенчээктигин аябай жакшы пайдаланышат. “Көзү ачыктар же калп эле көзүн ачып алгандар “Сиздин жашооңуз азыр эң татаал убакка келди”, “Сизди келечекте жакшылык күтүп турат”, “Сиз мага өз убагында келиптирсиз” деген сөздөрдү айтып, адамдардын психикасына таасир этишет. Ошондой эле кардары тууралуу билүү үчүн сүрөтүн сурайт, алгач өзү тууралуу айтып берүүсүн талап кылат, айткан сөздөрдү бурмалап кайталап, өздөрүн мыкты экенин көрсөтүшөт. Баарына үмүт берген сөздөрдү айтышат. Мисалы, психикалык жактан кыйналып турган адамга “сиз келечекте бай болосуз, мага көп акча көрүнүп жатат” деп, кардарларынын ишенимине киришет. Булар эң негизгиси кыйналып турган адамды жакшы билишет да, өз иштерин ошого жараша жүргүзөт”, – дейт психолог.

Элдерге “биз урпактарыбыздан бери жардам берип келебиз” деген табып, көзү ачык Жүзүм айым касиетти акча табуу үчүн эмес, жардам берүү үчүн колдонуу керек дейт. “Менин чоң атам чоң молдолордон болгон. Убагында адамдарды дарылап, баспай, төшөктөн тура албай калгандарга жардам берген. Өз касиетин урпактан- урпакка өткөзүп келген. Мен да касиетимди атамдан алгам. Жардам сурап келгендерге жардам берем. Турмуштарын айтып, ооруларын дарылайм. Мынча бер деп сурабайм, ар ким өз күчүнө жараша таштап кетет”, – деди Жүзүм айым. “Адамдардын тагдырын кантип көрөсүз” деп суроо узатканыбызда, “аянды чоң аталарым айтат” деп жооп берди. Ошондой эле түшүндө өзүнө кандай кардардын келерин күн мурунтан көрөрүн кошумчалай кетти.

Кечкисин сыналгынын төмөн жагында “сүйүүнү кайтарам”, “жолуңарды 100 пайыз ачам” деген титрлер көзүбүзгө көп илине баштады. Эмне кызмат жана кайда кайрылуу керек экендигин билүү максатында берилген телефонго байланышканыбызда орус улутундагы айым “Сизди менин чоң энем көрөт, бирок ал азыр ооруп жатат. Ошол себептүү алдын ала биз сизди каттап коёбуз. Катталуу үчүн ушул телефон номерге бирдик саласыз. Убагыңыз келгенде байланышабыз, ошондо дарегибизди айтабыз. “Алданып калам” деп коркпой эле коюңуз. Бир жолку сеанс 1000 сомдун тегерегинде болот” деп жооп берди.

Башка мамлекеттерде да көзү ачыктар маселеси көйгөй жаратпай койбойт. Алсак, Орусия калкынын 67 пайызы көзү ачыктарга ишенип, аларга тез-тез кайрылышат. Орусиялыктар көзү ачыктарга бир жылда орточо эсеп менен 30 миллиард АКШ долларын сарпташат деген маалыматтар бар. Полиция кызматкерлери да шылуун көзү ачыктарды кармап, темир торго салышат. Чеченстан айтылуу көйгөй менен күрөшүү үчүн атайын мыйзам кабыл алган. Мыйзамга ылайык өлкөдө төлгөчүлүк менен алектенүүгө тыюу салынган.

Өлкөбүздө түрдүү көзү ачыктар бар. Айтылуу ишмердикти тескеген атайын мыйзам жок болгондуктан, көзү ачыктардын торуна түшкөндөр миңдеп саналат. Жыл сайын булардын саны арбып бара жаткандыктан, мамлекеттик органдар тийиштүү иш-чараларды көрүшү абзел. Анткени көз ачыктар жеке адамдын, бир үй-бүлөнүн жана коомдун экономикалык жана психикалык абалына олуттуу терс таасирин тийгизип келет.

# Ынтымак жашоонун сыры

ЭЛИЗА ИРАНОВА

Көңүлүңүздөрдү кызыктуу бир окуяга бургум келди. Сөз эки кошуна тууралуу болмокчу. Кошуналардын биринин үйүндө дайыма ызы-чуу, уруш-жаңжал болор эле. Ал эми экинчисинде дайым тынчтык, ынтымак өкүм сүрүп турчу. Бир күнү уруш-жаңжалы көп үй-бүлөнүн мырзасы аялына мындай дейт: "Кошунабыздын деле урушканын укпайсың. Кантип ынтымакта жашашат болду экен?", - деп кызыгып, сырын билүү үчүн кошунанын үйүнө жөнөп калат.

– Жакшысыңарбы кошуна?

– Жакшы, жакшы келиңиз...

– Жок, мен тез эле... Бир иш менен келдим эле...

– Жогору өтүңүз, өзүңүздөр кандайсыздар? Капа этпесеңиз полду жууп бүтө салайын. Таалайды көргөн жоксузбу короодо жүргөн эле. Чакырып келейин, отура туруңуз.

Кошунанын аялы ички бөлмөгө кирип кетет. Аңгыча күйөөсү Таалай кирип келатып, кире бериштеги кир суу толгон чаканы байкабай төгүп алат. Кир суу жаңы эле жуулган полдун үстүнө жайыла түшөт. «Ээ буюрса, концерт көрөт экенмин, азыр аялы чыгат да олдоксон күйөөсүн ажылдап бир беттен алат дейсиң» деп кошуна ичинен бүтүм чыгара кымындап отурду.

Төркү үйдөн аялы чуркап чыга калып, жыйнаганга киришти.

– Жамила, келе мен өзүм эле... карабайсыңбы олдоксондугумду. Ка-ап, сени да убара кылдым го...

– Жок. Эч нерсе эмес менин коюп койгон жеримди кара. Жууп бүтөр менен төгүп койбоймунбу десең...

Жубайлар бири-биринен кечирим сурап, төгүлгөн сууну жыйнаганга шашылышты. Кошуна алардын бул ишине айран калып, кетүүгө шашылды.

– Ээ кошуна каякка? Отура тур. Биз бат эле...

– Жок рахмат. Менин отурганымдын деле кажети калбады көрүнөт, мен силерден сурайын деген суроомо жооп алдым, деп чыгып кетет.

Үйүнө келген соң таң кала аялына мындай дейт:

– Кызык, экөөнүкү тең туура эмес болсо да ынтымактуу. А экөөбүздүкү туура болсо да урушабыз. Эмнеге мына!

Үй-бүлө куруу оңой, бирок үй-бүлөөлүк турмуш оңой эмес. Турмуш арабасы оңой эместигин үй-бүлө курган соң аңдап билет тура адам. Мына ошол жашоонун даңгыр жолунда бардык кыйынчылыктарды экөөлөп жеңип, бирин-бири сыйлап, урмат көрсөтүп баарынан да түшүнүү менен мамиле жасап, кемчиликтерди сындабай, урушпай аны чечкенге аракет кылынышы керек дешет. Мына ошол үй-бүлөнү бапестеп, ага канчалык аяр мамиле жасасак анын өмүрү да ошончолук узун болот деген тыянакка келебиз.

# Үй-бүлөдө акча коромуңуз кандай?

(Тест)

Бул тестти экөөлөп толтурушуңуздар зарыл. Ар бир суроого экөөңүздөр тең толук макул болсоңуздар 10 балл, бирдей болбой, бирок окшош болсо 5 балл. Ал эми бири-бирине такыр окшобогон жоопторго 0 балл берип эсептейсиздер.

*1. Бала кезде үйдө акча маселесин ким чеччү эле?*
а) атам;
б) апам;
в) ата-энем чогуу;
г) башкалар.

*2. Кичине кезиңизде апаңыз иштегенби?*
а) ооба;
б) жок;
в) кээде.

*3. Ата-энеңиздин:*
а) чыгымдар үчүн жалпы фонду бар эле;
б) ашыкча акча болгон, бирок белгилүү бир чыгымдарга атайын акча каралчу;
в) ашыкча акча дайыма болгон.

*4. Сиздин акча капчыгыңыз*
а) дайым эле жетишпейт;
б) адатта жетет, бирок, мен өзүм эле ар нерсеге жок кылып алам;
в) үнөмдүү колдоном.

*5. Акчаны эмнеге жумшаганда өзүңүздү жакшы сезесиз?*
а) өзүм үчүн керектүү нерселерге (кийим, майда-барат нерселер, саякатка);
б) курбуларга (белекке, көңүл ачууга);
в) үй-бүлө мүчөлөрүнө;
г) башка иштер (кайрымдуулук ж.б.).

*6. Күтүлбөгөн эле жерден 50 миң долларга ээ болуп калсаңыз, эмне кылат элеңиз?*
а) күндөлүк керектөөлөргө жумшамакмын;
б) сактап коймокмун;
в) карыздарымды төлөмөкмүн.

*7. Акча проблемасын чечүүдө өзүңүздү кандай баалар элеңиз?*
а) эң жакшы;
б) жакшы;
в) орто;
г) начар.

*8. Бир себептен улам туталанып турганда эмне кыласыз?*
а) бул маселе тууралуу жакын адамдарым менен сүйлөшөм;
б) дүкөндөрдү кыдырып, көңүлүмө жаккан нерсе сатып алам;
в) спирт ичимдиктерин ичем, бир нерселерди жейм;
г) уктайм.

*9. Үй-бүлөдө акча маселеси кандай чечилүүсү керек?*
а) жубайлардын ортодо бир кассасы болуп жана аны бирөөсү көзөмөлдөп туруусу зарыл;
б) жогорудагыдай эле болуп, бирок, иштетүүдө экөө тең көзөмөл кылуусу керек;
в) жубайлар акчаларын башка-башка кармап иштетүүсү керек.

*10. Түгөйүңүз өз кесибинде иштөөнү кааласа макулсузбу?*
а) албетте;
б) жок;
в) үй-бүлө материалдык жактан жетишерлик болуп, балдар өз алдынча болуп калган шартта гана.

## Жооптор

**80–100 балл**

Сиз акча маселесин өз алдынча мыкты чече аласыз. Экөөңүздөр тең башка үй-бүлөлөргө жакшы кеңешчисиздер.

**60–80 балл**

Акча маселесин чечүүдө бир аз кыйналасыз. Бул кээ бир учурларда сиздин жеке турмушуңузга кыйынчылык туудурушу ыктымал. Ошондуктан буга жакшылап маани берип, көңүл бөлүүңүз зарыл.

**60–40 балл**

Бакыт акчада эмес. Бирок якээде өнөктөштөр менен каржы жактан пайда түшүп турганда сүйүүңүз, бакыт кушу колуңуздан учуп кетиши мүмкүн.

**40тан төмөн балл**

Үй-бүлөдөгү акчаны туура сарптай билген адам менен кеңешиңиз. Үйдөгү психоэкономикалык кризисти байкадыңызбы? Мыкты кеңеш бере алган таанышыңыз менен сүйлөшүп, керектүү кеңештерди колдоно билиңиз.

## Үй-бүлөлүк сөздөр

Ата-энесин кандай болсо дал ошондой көргөн балдар эң жакшы тарбияланган балдар. Эки жүздүүлүк ата-энелердин милдети эмес.
Бернард Шоу

Кандай гана үй болбосун ал жерди бир кароо менен ал үйдөгү сүйүү же бактысыздыктын өкүм сүргөнүн байкоого болот.
Оноре де Бальзак

Бактылуу үй-бүлөлөрдүн баары бири-бирине окшош, ал эми бактысыз үй-бүлөнүн ар биринин өзүнө тиешелүү гана бактысыздыгы болот.
Л.Толстой

Бир үй-бүлөнү башкаруу бир мамлекетти башкаруудан оңой эмес.
Монтаге

Ар бир үй-бүлө өзүнчө тарых. Ал турсун аны окуй билгенге бир дастан сыңары.
Альфонс Де Ламартин

Бир мамлекеттин өсүп-өнүгүүсү үй жана үй-бүлөлүк сүйүүгө байланыштуу.
Чарльз Диккенс

Ар үй-бүлөдө периштелер бар, шайтандар да.
Ральф Валдо Эмерсон

Адаттын чынжырлары сезилбегендей жеңил, бирок сынбай тургандай бекем.
Б.Дизраелли

Бири-бирибизди кечирүүдөн мурда, түшүнүшө билүүбүз зарыл.
Э.Годман

Ийгиликке тез жетүү адамды чечкинсиз жана кереметчил, кыялкеч кылып коёт.
Бажон

Кыйынчылыктар ийгиликтин баркын арттырган коздуктар.
Молире



# Эрмендер

Бала кезимде апам алып келип берген китептерди агам экөөбүз талашып окучу элек. Айрыкча, «кыргыз эл жомоктору», «белорус эл жомоктору», «чет элдик жомоктор» деген китептер биздин сүймөнчүгүбүз болчу. Балалык сезимдерибиз дагы ошолор менен алга чабыттады окшойт. Чиркин, кандай сонун жомоктор эле… Бирок, ошолордун арасында бирөө бар болчу. Мага көп жакчу эмес. Эч кандай деле мааниси жоктой, тажатмадай сезилчү. Болгондо да кыргыз эл жомогу болсо керек эле. Азыр атын да айтам. Аты «Топулуу торгой» беле?… Ооба, так ошондой болчу. Эсиңиздердеби, торгой учуп баратып топусун эрмендин арасына түшүрүп алат. Анан аны алып бер деп эрменден өтүнсө эрмен алып бербей койот. Анан эрменди жедириш үчүн эчкиге барат. Бирок эчки да тил албайт. Ага өчөшүп торгой байкуш карышкырга барат. Бирок кашабаң да кашаят. Торгой бечера жылкычыга арызданат. Жылкычы да болбойт. Кыскасы ошентип биринен бирине өтүп жүрүп аягында куюнга жетет эмеспи. Анан куюн байдын байбичесинин жүнүн сапырат, байбиче балдарды сапырат, балдар чычкандын ийнине суу куят, чычкан байдын курсагын тешет. Бай болсо жылкычыларын урушуп, жылкычылар карышкырды, карышкыр эчкини кууйт. Эстедиңизби? Мына ушул жомок мага такыр маанисиз, анан өтө узун, өтө тажатма сезилчү. «Эмне болуптур» дечүмүн. «Торгой топусун түшүрүптүр, анан кайра ар кимге даттанып жүрүп алыптыр. Анын эмнеси кызык?» деп таң калчумун. Ушунча нерсени чубалжытып жазгандарга жиним келчү. Көрсө жомокту түшүнгөн эмес экемин ошондо. Ал жомок тажатма эмей эле укмуштуудай көрөгөчтүк менен, укмуштуудай даана жазылган жомок тура. Кантип дейсизби? Эмесе угуп туруңуз…

Бүгүнкү күнү тээ айылдардагы, өлкөбүздүн булуң-бурчундагы маселелерин ошол жердеги «эрмендердин» айынан бүтүрө албай какпаган эшиги, жебеген кешиги калбай жүрүп отуруп ушул борборго чейин келип казысын салган байга, карынды жарган карышкырга жетпесе да жогорку сотко, премьерге, же так эле президентке чейин үнү жетип, андан да болбогондо чуулдаган балдардай чуркураган депутаттарга, депутаттарды жүндөй сабаган генпрокурорго, андан да айла болбой, аргасы кеткенде куюндай учуп, желдей сызып жүргөн журналисттерге барып ыйлап-сыктап арыз муңун айтып отурган «торгойлор» көбөйүптүр. Же калппы? Айыл мектебиндеги мугалим, аймактык милиция, аймактык сот, айыл өкмөт, кайсы бир мекеменин эсепкери, светчи, токойчу, керек болсо 1-2 жылдык окуусу менен бир айылга «актип» болуп калган мал доктуруна чейин өзүн бир шумдук сезип, мойнундагы милдетин аткарбай коюп, натыйжада анын иши Чубактын кунундай чуулдап ушул борборго чейин жетүүдө… Эхх эрмендер, эрменде-ер…





# Ала жат!!!

Бул сөздүн бир канча убакта, бир канча маанайда айтылганын уктум. Ооба, бала кезде да бул сөз байма-бай айтылаар эле. «Өлсөм да ала жатам» дечүбүз. Кээде колго жыгачтан же зымдан жасап алган тапанчабызды бири-бирибизге кезеп туруп айтчубуз бул сөздү. «Биздикиликтер ушунтип өлөт» дечүбүз анда. Өлүп баратса да бир фашистти ала жатат деген укмуш ишеним бар болчу. Кыскасы ал кезде бул сөз балалыгыбызга ошондой сиңген.

Бирок, замандын өтүшү менен сөздүн да мааниси бузулат тура. Же бул заманга эмес, адамдарга, ишенген, иштеген ишине жараша өзгөрөбү айтор анысын даана байкай албадым. Кыскасы, так эле ушул «ала жат» деген сөз кийин ырчы-чоорчулар кубулжута обон созуп, шаңкылдай ырдап бергенде угулчу болду. Ооба, элеттин карапайым адамдары ушунтип сүрөшчү. Калп айтканда эмне, көөп турган жигиттик куракта биз дагы ошентип кыйкыра турган болдук. Отуруштарда болобу, анча-мынча концерттерге барып калганда болобу, деги көңүлгө толоор ыр ырдалса эле алаканды шакылдата чаап айкырып жатып калчубуз… Ошентип ал күндөр да өтүптүр. Хе… кызык… Кудум улам бир өткөөлгө келгенде эскерте жөрчүдөй бул сөз да кошо агылып отуруп бүгүнкү күнгө да келди. Бирок, бул жолу ал сөз тымызын кыйкырып, буулуга чыңырып келди.

Алгач «Азаматтар экен. Баланча депутаттын ала жатып жүргөндөрүн кармаптыр. Түкүнчө кытайдын ала жаткырып жүргөндөрүн жаап салышыптыр» деп бир эсе сыймыктаныл, бир эсе ызырынып кеп кылып жүрдүк. Чынында эле ал азаматтар жыланач көкүрөгүн окко тоскон биздикилердей болуп күрсүйгөн-күрсүйгөн чоңдордун жаттымканаларын жаткыра чаап атышкан. Бирок, аягы кайра эле баягы менен бүттү. Бүгүнкү чоңдор кечөөкү фашисттерден да кыйын болуп чыкты. Ошончо айыбы ачылып, бутунан да, тилинен да чалынып, буйдалактап, тыбырчалап атканына карабай кайра биздикилерди ала жатты. Эххх.. көрсө баары эле бала кезде ойлогондой, ойногондой боло бербейт тура. Бала кезде биздин эр жүрөк аталарыбыз, агаларыбыз гана душмандарды ала жатат дечү элек… Көрсө бул балалык эле таза кыял эле тура… Аны ушу эс тарткандан бери далай жолу байкадык…

Өз элине фашисттердей мамиле кылып, уул-кызын башкаларга кордотуп, тепсетип, намысын сатып аткандарыбыз уялбай туруп намыстууларды ала жата башташты. Эшек сатканы деле, саттырганы деле, дене сатканы деле, саттырганы деле аягында былыгы чыгып, кургуйга кулаарда жөн кулабай артынан ала кетип жатышты.

Мына эми бүгүн да күбүрөнүп отуруп калдык. Мурункудай кыйкыра алган жокпуз болгону… Тек гана «Ала жатыптыр» деп күбүрөндүк тымызын. «Өздөрү иштебегени аз келгенип, иштегендерди да ала жатыптыр» дедик. «Ала жатып аткандардын төшөгүн сыйрып, аңтара салып атышты эле, алар аңтарылмак тургай ала жатышты» дедик… Ошентип бул алты тамгадан турган бир ооз сөз өзүнүн өктөмдүгүн дагы бир көргөздү. Бирок, бул жолу башка өңүттөн көргөздү бейм чиркин…







**Нурсалам**
кафе • чайкана
Палоо, самса, түшкү тамактар, манты, мастава, мампар, жөжө табак, куурдак, пирожок, банкет 50-60 кишиге
**Буюртма үчүн телефондор: 0552626562, 0772390595**
Дареги: Бишкек ш., Фрунзе көчөсү 603, Жаш гвардия менен кесилишет








Гезит ээси – ЖЧК "Горизонт Медиа"
Юстиция министрлигиндеги катталуу номери – 1925

**Башкы редактор:** Эсен Өмүракунов
**Редколлегия:** Талгат Деркембаев, Гүлмайрам Бакирова.

**Кабарчылар:** Айпери Азатбек кызы, Жылдыз Акбар кызы, Таңчолпон Бакытбек кызы, Рахат Акматова.

**Реклама жана маркетинг:** Эдил Айдаров.
Тел.: (0312) 93 65 55, (0703) 738 231
Жарнама үчүн E-mail: saresep@mail.ru

**Design:** "Горизонт Медиа"

**Дареги:** Бишкек ш., И. Ахунбаев көч., 182б
**Тел.:** (0312) 93-65-55, (0312) 25-22-52
**Пикир айтуу үчүн E-mail:** saresepkg13@gmail.com
**www.saresep.kg**
**Facebook:** Саресеп гезити

**Нускасы:** 5500
**Буйртма № 1615**
Гезит редакциянын компьютердик комплексинде терилип, жасалгаланды. "ММК колдоо борбору" фондунун басмаканасында басылды.

САРЕСЕП